С кирг
И85

Исабек Исаков

# ТОО ЫРЫ



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока


Колич. предыдущ. выдач

25ооо

с кирг
И85

# Исабек Исаков

# ТОО ЫРЫ



Ырлар жана поэмалар

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 369089

ФРУНЗЕ, «КЫРГЫЗСТАН» 1988

АБОНЕМЕНТ

84 Ки 7—5
И 85

**Исаков Исабек.**

И 85 Тоо ыры: Ырлар ж-а поэмалар /Сүрөтчүсү Т. Коомбаев. — Ф.: Кыргызстан, 1988. — 120 б.

ISBN 5-655-00135-7

Акындын бул жыйнагына акыркы жылдарда жазылган эл, жер, сүйүү темасындагы ырлары, поэмалары топтоштурулду.

ББК 84 Ки 7—5

И $\frac{4702280200—46}{М\ 451\ (17)—88}$ 144—88

ISBN 5-655-00135-7

Рецензиялаган *Нурпаис Жаркынбаев*
Сүрөтчүсү *Т. Коомбаев*

© «Кыргызстан» басмасы, 1988-ж.



# ЫРЛАР

## БОЗ ҮЙ

Боз үйүм — белегим кыйладан,
Босогоң — ырыс көл, сыйлагам.
Кулун-тай ойноктоп желеңде,
Тоо суудай атылып туйлаган...

Ак боз үй. Ак бешик термелип,
Алыстан жыпар жыт жел келип.
Ата-энем акылын айтышса,
Аскадай бек болгом демденип...

Кереге, уугуңду аталар,
Жасаса жабуулап апалар...
Сүйүүсү жаркытып ак жолду,
Сезимде ыйык күү, бата бар...

Жылуулук мээримиң төгүлүп,
Кээде сен ый-селге чөмүлүп.
Кайгысын батырдың ар кимдин,
Карааның ыйык кенч көрүнүп.

Бактыга балкыган чыгың бу,
Өмүрүң өткөрүп арымдуу.
Саймачы, өрмөчү уздардын,
Сенде бар көз оту жалындуу.

Босогоң — береке агылган,
Күн көрөм от күйгөн жалындан.
Тээ алыс ал муздак кезде да,
Душманың бел ийип багынган...



Төрт түлүк... Күтүрөп айланаң,
Көз өтүп жабуулар, саймаңан.
Тууранда туш кийиз илинсе,
Сабаңда кымызың кайнаган.

Көп элде сезимде жүрөсүң,
Ак дилдүү ак тилек мүнөзүң.
Элдик иш тарыхты унутпай,
Эчен ыр, күүлөргө күбөсүң.

Боз үйүм — белегим кыйладан,
Босогоң — ырыс көл, сыйлагам.
Кулун-тай ойноктоп желеңде,
Тоо суудай атылып туйлаган.

## БУЛАК ЫРЫ

Жашартам жүзүң жарык нурга бөлөп,
Тазартам дилиң жаңы сырга бөлөп.
Тартуулайм дүйнөлөргө бакыт күүнү,
Миң кайрык булбул созгон ырга бөлөп.

Чаңкасаң кымыз болуп көбүрөмүн,
Тоолордон дайра болуп төгүлөмүн.
Тамшантар мөмө шакты ийип жерге,
Талаанын ой, кырынан көрүнөмүн.

Бейпилдик шаңын берип айлананын,
Береке, өмүр, бермет кайнаганым...
Кубаты тоо булактын деп билгинин,
Көргөндө чөлдө гүлдөр жайнаганын...

## БАЛДАРЫМА

Мөмө шагын ийерсиң,
Жөжөлөрүм силерсиң.
Жыргалдыгын ата-эне,
Жылдар өтсө билерсиң...

Силер да болуп ата-эне,
Балапандан артыкча
Балдарыңды сүйөрсүң.

## ЧАБАНДАР ЖӨНҮНДӨ

Кээ бирөө төшүн кагып, бербей эсеп,
— Чабандын эмгек жолу жеңил,— дешет.
— Жайлоодо кымыз ичип дуулдашып,
Жай бою тоо гүлүндө сейилдешет.

Кээ бирөө кебин жасап, үнүн жасап,
— А курсун чабандык иш — ал бир азап.
Кышта кар, жазда жамгыр тыным албай,
Элетте өмүр өтөт, өмүр шашат...

Ал ырас, азабы бар, жыргалы бар,
Алп эмгек, Ала-Тоодой сырлары бар.
Кайраты каарын төккөн музду эритип
Калкында өлбөс сырдуу ырлары бар.

Сынын бил: Бийик бекен, белес бекен,
Сырын бил: Жеңил бекен, оор бекен.
Чабандык өмүр жолун, ишин көрсөм,
Чаалыкпас баатырдыкты элестетем...

Токтобос тоо суусундай кайрат көрөм,
Элимде асман тирер айбат көрөм.
Жүрөккө жылуулукту төккөн ишин,
Чын сүйүп булбул сымак сайрап келем...

Чабан бар... бизде жаңы кийим белен,
Чабан бар... тоо жылдыздай күлүңдөгөн.
Чалкыт да сезим күүсүн тоолук достор,
Чабандык чыйрак мүнөз дилиң менен.



## АГАМ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРҮҮ

Батыш жакка жөнөрүндө жан агам,
Кайра тез, бат кайтарыңды самагам.
Бирок, боорум келген жоксуң кайрылып,
Жылдар, күндөр өтсө деле арадан,
Жибек мүнөз элестериң-күлгөнүң,
Кетпей жүрөт алигиче санаамаң.

Көл кылаадан көрсөм таңдын атканын,
Көлкүп тоолор сулуу тартып жатканын,
Көк сабалап, көл периси — ак куулар,
Каякадыр байкап сапар тартканын,
Ар мүнөттө эске келет бир боорум
Ата Журтуң — ыйык журт деп айтканың...

Көп жыл бою көрүп мээрим төккөнүн,
Жомок кылып турмуш жолун, өткөнүн.
Ажал отко кетеринде батышка,
Ак сүт берген апамды бек өпкөнүң,—
Билем аба, кан майданда фашисттин,
Каарданып, канын суудай төккөнүң...

Уюткулуу өтүп улам жылдарым,
Улуу таңдын сезип жүрөк сыр барын,
Жергем сүйүп, туу байрагын көтөрүп,
Жеңиш күүдөй чертсем комуз кылдарын —
Жүрөк менен тосуп, жоонун ок, отун,
Билем аба, бакытты бек курганың...

## ЫСЫК-КӨЛ — ЖАЗЫМ МЕНИН

Ысык-Көл — ойноок көлүм шарпылдаган
Үстүндө аппак кайык калкылдаган.
Күн нуру тереңице шимирилип,
Күмүшүң алыс жакка жаркылдаган.

Кылаанда кең турагым — жашыл менин,
Ысык-Көл өмүр берген жашым менен,
Ырыска шерик болгон,
байлык толгон —
Ысык-Көл турмуштагы жазым менин.

Төрт тарап тоолор нуруң жайнатасың,
Кылаанда булбул кушуң сайратасың.
Күрпүлдөп, жаалданып, толкун тиреп,
Күүлөрүң шамал менен айдатасың...

Жаштык кез,
Көл жээнүндө ырдап кенен,
Кайыкта шапар тээп жыргап келем.
Кемирип кемер жарды, самын ташты
Кээде сен толкун серпкен ыргак белең.

Ысык-Көл!
Ойноок көлүм шарпылдаган,
Үстүндө каз-өрдөгүң калкылдаган.
Күүгө бай достук берип, өмүр берип,
Күмүшүң алыс жакка жаркылдаган.

## ЧОК-ТАЛ МЕКТЕБИНИН ОКУУЧУЛАРЫНА

Көл кылаасы, жашыл өрүш беттеги,
Аппак сүйкүм... турат Чок-Тал мектеби.
Айланчыктайт сени ардактап көп балдар,
Анар жүздүү, алма жүздүү беттери...

Көл жээгинде көркүн көрчү эстеби,
Көзгө жаркын... турат Чок-Тал мектеби.
Үйрөнүшүп билим кенчин көп бала,
Үлгү болор үмүт оту көп деги...



Көл эненер, асман челген ак тоолор
Айтат: — чырпык, гүлдөрүмө бак конор.
Сугарылып илим деген дайрага,
Айдарымда жылдыз жайнар, шак толор.

Тилек сөзүм; турмуш күүсүн оң бура,
Өмүр жолуң комуз күү же домбура.
Ыйык тутуп көл урматын, көл сыйын,
Көлдөй терең, көлдөй тунук болгула!

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ЧЕРИМДИ

Ушул тоодон учуп тентек кыялым,
Ушул тоодон тарттым лира кыягын.
Ушул тоодо арыш таштап, бала кез,
Анан алыс сапар жолун уладым...

Өзүң барда кечип, күйгөн отту да,
Өзүң барда тосуп учкан окту да.
Өзүң мага окшоп өмүр босогом,
Көз от таштайм салааланган коктуңа.

Уюйт оюм... ачылбаган бел жатат,
Жарпы жаздай жазылбаган жер жатат.
Укмуш байлык каспеттүү Кара-Тоом,
Уюп сенде казылбаган кен жатат.

Ак кар-муздан ачып ашуу-белимди,
Кара-Тоодон казып алтын кенимди...
О, Ата Журт! Менин алтын турагым,
Жазгым келет канаттуу ырга черимди...

## КАР ЖУКПАГАН

Көшүлүп көп жайылса малың семиз,
Көрсөм деп, көнүп калган жаным сегиз.
Жарышта озуп чыгып даңкы кеткен,
Жонунда жоргом жатат, көөнүм деңиз.

Кара-Тоо кар жукпаган аймагыңа,
Суктанам чөптөн бүткөн байрагыңа.
Төрт түлүк ыңкып турат кышта дагы,
Кыртыштын бал татыган каймагына.

## ГҮЛДӨР КӨРСӨМ

Гүлдөр көрсөм, кубанычта термелем,
Кез болгонсуп мөмө толгон күз күнгө.
Жакшы тилек, максаттарга сермелем,
Бийик сызып ак булуттун үстүндө,
Анан дагы —
Бараткансыйм ыргалып,
Суу төгүлбөс жорго минген тизгинде...

Гүлдөр көрсөм, көңүл эргип жашарам,
Сезимде ырлар кайталанып, жаңырып.
Тээ бийикте ак мөңгүдөй тазарам,
Кең талаада көбүк чачып агылып...
Анан дагы —
Шыгым артып, үн созуп
Шыңгыр этем комуз кылдай тагылып.

Гүлдөр көрсөм, жаштык сезем, Күн сезем,
Балкып денем бакыт төргө аттанып.
Жайнап эмгек жаз чакырык үн сезем,
Жан дүйнөмдө жакшы элестер башталып,
Анан дагы —
Ашып-ташып эргүүлөр
Толкуйм улам шайыр кадам ташталып...



## ЖАКШЫ АДАМ БОЛСО ЖАНЫҢДА

Жакшы адам болсо жаныңда,
Чертилип күүлөр канымда.
Жүрөгүң батып толкунга,
Жүрөсүң жайдын таңында...

Калкагар болуп сүрөштө,
Кайрат күч берет күрөштө.
Санаада турат жакшы адам,
Сагынтып саат, мүнөттө.

Жакшыда дайым шарапат,
Жакшы үмүт шаңын таратат.
Жакшы адам менен Мекен да,
Жашарып гүлдөп баратат.

Эсен бол жакшы адамым,
Кыйында шилтер кадамым.
Өстүрөр бекем эл айтар,
Өмүрдүн өлбөс дарагын...

## БУУРУЛ ЖОРГО

Мөлт этсе мөлтүр тамчы кулагынан,
От жанып ойсо жерди туягынан.
Буурулга ынак болгом, дос да болгом,
Бала кез балгын өмүр курагыман.

Жел жортсо куйрук, жалы сапырылып,
Ал буурул өкүм эле атырылып.
Барчумун ай асманга, жылдызга да
Канаттуу буурулду мен шаты кылып...

Жарышта колдон кетпей тоолу намыс,
Ысымы бир керемет болуп аңыз.
Жаныбар жаңылбастан мараны алчу!
Турса да барар чеги болуп алыс...

Эх, чиркин! Жорго минсең жаш чагында,
Өзүңдү куштай сезип асманында.
Жүрөсүң ыракатка миң чулганып,
Жүрөгүң толкун термеп каш кагымда.

О, досум! Буурул жорго, буурул жорго,
Маш элең, ыкчам эрип узун жолго.
Далай көп жорго салыш мезгилдерде,
Атамдын алып берчү туусун колго.

Жактырып айылдагы улуу кары,
Жактырып келин, кыздын сулуулары.
Укмуштай торгой илеп жорго дешип,
Угулган жылдыздын да шыбырлары...

О, буурул! — Кош канатым талыбаган,
Кеп кылсам жорго күүцө канып алам.
Көк жонду, узун жолду басып өтүп,
Көз отто кыраанын келет карыбаган.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ — ДАСТАНЫМ

Кыргыз элим — кымбат байлыгым,
Ыйык тутуп эмгек жардыгын.
Кылымдардын ашып дабанын,
Кыйла жерге чачтың Ай нурун...

Мөмөлөтүп ташта шагыңды,
Жараттың сен сулуу таңымды.
Таалай жолуң бүгүн бийиктеп,—
Табигат да сага багынды...

Кыргыз элим — деңиз толкуган,
Тоо чокуңда бүгүн олтурам.
Үзүлгөнүң улап, өр таяп,
Бөксөң барбы, кана, толтурам?!



Сенсиң дайым — туум, кубатым,
Сезим ырда жайнап турасың.
Баскан жолуң улуу сый кылып,
Досторуң көп сырын угасың...

Кыргыз элим — тоом, асманым,
Бакыт кенин бүтпөс ачканым,
Жүрөк согуп, жанып турганда,
Сенсиң менин жомок дастаным...

## АДАМДАР БҮГҮН

Адамдар бүгүн — аркалап бийик тоолоруң,
Океан, деңиз, суудa да салган жолдорун.
Асмандап барат ак таңда бүткөн акылың,
Ак булут челип адамзат сенин ойлоруң.

Байкасак бүгүн издериң жоктур баспаган,
Багынбас болгон белдериң жоктур ашпаган.
Азоолуу болгон Арктика сага баш ийип,
Күүлөрүн чертип, музасын сырдуу наздаган.

Адамдар — чабан эриткен тоонун аязын,
Кышта да андан жылуулук, азык аласың.
Аземдеп күндө өстүрсө багбан чынарын,
Ырахат төгөт, гүлүнө бөлөп көрктүү саясын.

Жумушчу десем, жуурулуп металл камырдай,
Адамдар ысмы айтылат бийик шаңымдай.
Тээ башынан дыйканга жакын дос болуп,
Орок-балка бирдиги намыс-арымдай...

Адамдар ыйык — ажалды жеңип Күн берген,
Көтөрүп көңүл жыттасаң жыпар гүл берген.
Максаты БАМдай көч жүгүн алып конушка,
Адамдар бүгүн арытып турмуш жолдорун,
Кур эмес эзел баатырдык, жеңиш күндөрдөн...

## РЕВОЛЮЦИЯНЫН ШУМКАРЫ

*(М. В. Фрунзе)*

Учкунундан жалын отун жагышып,
Ак тамчыдан ак дайраны агызып.
Революциянын болдуң Чолпон жылдызы,
Кыргыз жерге киндик каның тамызып...

Эркелеткен Миша деген ысымын,
Көрүп далай бала кездин кызыгын.
Араладың Ала-Тоонун ой-кырын,
Тандап үзүп жыпар гүлдүн кызылын...

Көлдөн тосуп көңүл толкуур таңыңды,
Сапар чегип, көрүп Соң-Көл, Нарынды.
Ош, Алайда, Түркстанда кармашта,
Далай банда эрдигиңе багынды...

Эркиндикти эңсеп жаштык курагың,
Ыйык санап бийик тоолор — турагың...
Гүлгүн чагың өтүп жашыл тоолордо,
Өмүрдө да бийиктикти уладың...

Жаңы бакыт, күрөшкө уюп көңүлүң,
Үлгү кылып Ленин жолун, өмүрүн.
Кыжыр кайнап кылыч такап кастарың,
Кыл үстүндө турган далай өмүрүң...

Бирок кыйрап падыша өкүл-каз таман,
Эрк таңың шумкар кылып таптаган...
Революция курчутуп жан жүрөгүң,
Деңиз добул тоону омкоро жаздаган...

Азаттык деп майдан, күрөш чегинде,
Болдуң далай кармаштардын селинде.
Аралашып ажал менен, ок менен,
Айттың сүрөп: «Жоокер, артка чегинбе!»



Күп жарашып буудан минсең түйүлгөн,
Дене дүрт деп жырткыч качкан сүрүндөн.
Үмүт жазы улам көркүн жайнаткан,
Үмүт өчпөй Ала-Тоодо үйүндөн.

Эрдик жолдо эзел намыс бербеген,
Жапай турмуш зордукчуга көнбөгөн.
Айкын болуп баскан жолуң, максатың,
Ата Ильичтен сабак алдың өлбөгөн.

Айкөл мүнөз, полководец баатырды,
Айткың келет: «Өмүрү эрдик, акылбы?!»
Кылым сүйлөөр тарых кылган түбөлүк,
Кыргыз бүгүн сыймык көрүп атыңды...

Жашыл боёк сүртүп сүйкүм шаарыма,
Ысмың ыйык сиңип калган каныма.
Алгалап сен баратасың бүгүн да,
Азат туусун кармап Жердин шарында...

## ЭМГЕКТЕ ЖЕРИМ ГҮЛДӨСҮН

Тынчтыктын басып көрүгүн,
Тынчтыкта өсүп көңүлүм.
　　Буудандай көбүк таштаган,
　　Толкунун эч бир жазбаган,—
Булагым — деңиз көк ирим...

Күн кылкан буудай талаанын,
Көргөндө сүйкүм караанын,
　　Угуп мен дыйкан ырынан —
　　Жумушчу калкка сыйынам,
Ачам да достук барагын...

Магинит болуп байланар
Журтумдай ыйык кайда бар.
Чырпыгы анын мен дагы,—
Чыцалып өсүп эл дагы,
Чынардай көркке айланар.

Күлкүсү өчпөй сулуунун,
Кишенеп тоодо кулунум,—
Бүгүндөн кызык эртеңим,
Бүтпөгөн күүм чертемин,
Бүчүрүн жарып уругум...

Тынч күндү кимдер сүйбөсүн,
Күбөмүн ага күндө өзүм!
Эч болбой ядро согушу,
Элимдин көктөп конушу,
Эмгекте жерим гүлдөсүн...

## ДОСТУК МЕНЕН

Асман челген аска жарылып,
Азоолонгон дайра багынып.
Тоолорду ээлеп бийик мамылар,
Толкун тарткан зымдар тагылып...

Араласа Ильич нурлары,
Аны коштоп акын ырлары.
Күтүп бизди даңктуу келечек,
Күүгө айланса эрдик сырлары...
Достук ошол — күчтөн тайбаган,
Достук ошол — туудай кармаган...

Курулуш көп... Гигант көкөлөп,
Эмгек жүгүн элим бөпөлөп.
Кызык иштер бизде бир күнкү,
Кылым даңкын бийик көтөрөт.



Тынчтык тилеп ыйык заманым,
Жаркылдатып нурлуу кабагын.
Мелт-калт этип Мекен ырыска,
Өзгөртсө улам тарых барагын.
Достук ошол — жерим көрктөгөн,
Достук ошол — нуру өчпөгөн...

Асман ачык, куштар ойносо,
Айдың талаа. Гүлдөр солбосо.
Алтын буудай тоодой үйүлүп
Арман күндүү согуш болбосо...

Жашоо көркүн улам жактырып,
Баатыр элим таалай-бак куруп.
Жашыл бакча, Мекен, үйүндө,
Жаш бөбөктөр жүрсө каткырып.
Наар татып Ленин алпыңан,
Достук ошол — күлүп жаркыган...

## ЖАШОО КҮНДӨР

Жашоо күндөр — жакшы эмгегим,
Сүрөп алга мени эл, жерим.
Өчпөй жанып үмүт жылдызым,
Чексиздерге канат кергемин.

Сүттөй сүйүүм — максат жаркыган,
Магнит сымак ага тартылам.
Сапар чегип эрдик жолунда,
Жаңы ачылыш... изим калтырам...

Каркырадай учуп күндөрүм,
Көшөгөсүн тартат күндө миң.
Бөлөп аны эмгек саймага
Толкун серпкен жеңиш күндөмүн...



ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 369089

Эртеңдерге карап алыстан,
Жашоо күндөр өрүш арыткан.
Келер таңдар кызык көрүнүп,
Эрдик жолун элим тааныткан.

## КҮН НУРГА — ТЫНЧТЫККА УМТУЛУУ

Күндөр өтсө, жылдар өтсө тынбастан,
Ар кадамы болуп кызык миң дастан.
Көккө атылат көрпө толкун деңиздер,
Кубаныч артып толкунуна сыйбастан.

Бүткүл аймак күн нурунан жамынып,
Өр талашат: «Өрүү!» деген жаңырык.
Өр талашат өктөм агып тоо дайра,
Тээ алыстан жылдыз оту чагылып...

Таң нур атса күн уядан козголуп,
Адам аттуу ак эмгекке дос болуп,
Ак шоола издер гүлдөр, бактар, ак буудай,
Бой ыргашат кийип сырга, көк жоолук.

Күндөр чубап күн нур болуп тирдиги
Күүлөп канат күчөп достук бирдиги,
Жер эне да төшүн тосуп магдырайт,
Күн нур менен бир бүткөнсүп киндиги...

Көөдөй түндөр — кайгы болбой эгерим,
Ай, адамзат! Алсаң өмүр белегин,
Күн нур эңсеп, күндөй жаркып кабактар,—
Жер шар үйдө тынчтык болсун дегеним.

Мейли кыш күн, мейли жайкы саратан,
Күндү эңсешет жан жаныбар, балапан,
Күн нур эңсеп көккө атылып бой тирейт,
Как шыралжын, жерде буккан арашан.



Күн нур эңсеп жылан чыгып ийинден,
Алтын түспөл чопкут тонун кийинген,
Ой-тоолордо ойноп чаарчык, мамалак,
Боорун тосуп аюу күнгө ийилген.

Тамыр байлап көрк алсын деп Жер дагы,
Тынчтык тилейт — бүткүл дүйнө эл дагы.
Тыным албай мезгил менен зыпылдап,
Күн нур эңсеп, тынчтык самайм мен дагы...

## ТИЛЕК

Жылынып сенин бүтпөс мээримиңе,
Жылуулук чачып сүйкүм мен элиме.
Түбөлүк чырмалышып өтсөм деймин,
Өмүрдө эмгек деген шеригиме.

Келечек кел берилеп жайнап тунук,
Турмушта эрдик ишин ардак кылып.
Дүйнөгө достук ырын жаңыртсам деймин,
Достукту күн алдында байрак кылып.

Түгөнбөс байлык, бакыт түзүп кенен,
Жашоодо адам көркү — тынчтык белем,
Жоо-кастын жолун бөгөп койсом деймин,
Керемет сыйкыр бүткөн тынчтык менен...

## ЗАКЫМДАР АРАСЫНДА

Убакыт үзөңгүсүн каккан сайын,
Саамайга күмүш кыроо таккан сайын.
Гүл жайнап Ата Журтум өсүп барат,
Сай-сайда булак ырдап аккан сайын.

Толкундар боюн термеп, жазып канат,
Каркыра каяккадыр шашып барат.

Ар максат орундалып албан-албан,
Тоо бүркүт туюктарды ашып барат.

Эмгек күү — тээ угулган төрүмдөгү,
Шаттуу күн билсең досум көңүлдөгү.
Баратат мурас болуп муундарга,
Баатырдык, эрдик иштер өмүрдөгү.

Закымдап саат жебесин каккан сайын,
Сайма жаз кызгалдак гүл жапкан сайын.
Толкундуу жер жаңырды, эл жаңырды,
Тоо дайра күр-шар этип аккан сайын.

Закымдар көз каректе түнөк болуп,
Тоо тешер керемет күч, жүрөк болуп.
Жигит, кыз жылдыз дүйнө арасында,
Эл үчүн тарых жасап жүрөт конуп.

## КАНЫМ — ДЫЙКАН

Эрте келип иңир чалган ак таңда,
Жаның тынбай кулак байлап жатканда:
...«Эл байлыгы эгин арбын болсун!» — деп,
Сен батасың тоодой тилек — батманга...
Айланага көз таштап,
Ак эмгектен сөз баштап,
Жаның жыргайт көл кыялга батканда.

* * *

Ак наныңда ак шоола Күн нурлары,
Ак булутта ай талаанын ырлары.
Айлангансыйт кызгылт жүздүү буудайга,
Ак-Теректин Жолборс жондуу кырлары.
Өз огород үйүңдөй,
Толгон жемиш дүйүмдөй.
Өзүң сүйгөн эгин талаа сырлары.



* * *

Сыйкыр ээси гүлдөн бүткөн сайманың,
Өрүк гүлдөп, алма бышкан аймагың!..
Анан Каным оркестрдей сезесиң,
Толкуп угуп торгой куштун сайраганын.
Дөң-Талаанын түзүндө,
Таң нур ойноп жүзүндө
Калпып улам ак эмгектин каймагын...

Сыймык жанып жалгыз жүргөн караанга,
Гүлдөр бийлейт, гүл буруксуп талаанда.
Өчпөс өмүр, байлык күткөн максаттай
Кырман түшүм кетпей күлүк санаанда
Мезгил келсе көктөмдөй,
Мезгил чегин өткөрбөй.
Сен жүрөсүң эрдик жомок-баянда...

Кең аймакта тракторуң аркырап,
Жер айдаса сезим күүң тартылат.
Өз үй-бүлөң — атай түзгөн звенон,
Өргө ойт берип чыга келди жаркырап.
Каным бүгүн өзүңө
Кайраттуу эмгек сөзүңө,
Менде болгон бар кумарым артылат.

Айтсам сырды көл сулуусу сен белең,
Бийик тоодо көңүл кушун термеген...
Эмгек даңкың ашып-ташып Канымжан,
Дайра сымак толкуп ээ-жаа бербеген.
Мен да сага кубанып,
Үнүм бийик чыгарып,
Кайып учуп канатында сермелем!..

## БҮГҮН СЕН ЧОҢ ЭНЕСИҢ

Токтокан токтоо жеңем, кызыл жеңем,
Толкундап бүгүн көктө сызып жеңем.
Бийикте бакыт төрүң ээлеп алдың,
Бийикте максат аттуу кушуң менен.

Ар дайым сыйлап сүйгөн ардагыңды.
Билемин бийикти ээлеп алганыңды
Мейманың келсе үйүңө пейлиң көлдөй,
Жаркылдап жайнатасың бар даамыңды.

Токтокан — асыл жеңем, мээрим жеңем,
Бак өсту, түлүк өсту демиң менен.
Кээде сен ат жалында эркин ойноп,
Жаштыкта мөөрөй алдың жеңилбеген...

Согуш күн... өрттүү белем, жалын белем,
Өз ишиң тынбай иштеп жаның менен.
Билемин, эмгек эттиң, туу көтөрдүң,
Жоокердей эрдик жасап жаным жеңем.

Келин-уул, абысындар, курбуларың,
Билемин бир айылда сыйлуу баарың.
Өмүр деп өзүң түзгөн ынтымакты,
Эстесем күчөйт менде нурдуу жалын!

Төшүңдөн көрсөм алтын жылдызыңды,
Көрөм мен көч түгөнбөс кыргызымды.
Бүгүн сен баатыр эне бакыт тапкан,
Жетилтип ишмер жигит, нур кызыңды.

Эл айтат: эрлер көрктүү жери менен,
Эне да бarктуу, даңктуу эли менен.
Үй-бүлө мелт-калт болуп бак-таалайга
Ырысы ашып-ташкан сени менен!



Баскан жол өмүрүңө кумар болуп,
Булбул куш гүл бакчаңда турар конуп,
Бүгүн сен чоң энесиң чүрпөлөргө,
Бүгүн сен бутак жайган чынар болуп.

## ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Эч байкалбай аткан октой күн өтүп,
Алган жүгүн айдың көккө сүрөтүп,
Өмүр деген агыны күч чоң элес,
Тээ башаттан бири келсе, бири өтүп.

Төрөлүү бар — жарык күйгөн шамдары,
Өлүм да бар — кайтып келгис ар жагы.
Сапар жолдо кайталанып сан турмуш,
Эриш-аркак тагдыр туусун кармары.

Качпай өмүр коркунучтан, кыйындан,
Тартуу кылып таттуу балдай сыйыңдан.
Эрдиктериң сыйкырланып турмушта,
Кырда бийик кызыл туудай кубулган.

Каалап баштан сый жашоону утуру,
Алыс кетип, бирок, анын учугу.
Суктандырып миллиондор сезимин.
Айкын жолдо арбын болгон утуму.

Жупунулук өмүр таап жарашык,
Кана эмесе данек-даның ала чык.
Үстү жакта кара булут калдайып,
Өмүр жибин алгысы бар талашып...

Жок, алалбайт өмүр узап карааны,
Токой болуп барат улуу дарагы.
Өмүр бүгүн жагалданат көбөйүп,
Жашыл кымкап жаап чөлдүү талааны.

Өмүр, өмүр жакшылыкты коштогон,
Өлүм — өкүт көөдөй түнгө окшогон.
Сапар алып бакыт жолдо баратам,
Максатыма эзел алдым теспеген.

## ЖАЗ АЙЫМ

Келгин кушка толуп Жердин кучагы,
Үн салышат: көктөмдө алыс учалы...
Талаа, жондо жаз жел аргы лепилдеп,
Бай теректин бийлейт бүчүр-бутагы.

Чарт жарылып тоңгон дайра муздары,
Жашыл өзөн кыз жыпары, кыз наары.
Жер энеке боюн жазып керилип,
Келбет күтөт, кең талаанын уздары.

Жаз жарышта жазгы эмгекке шаң улап,
Тээ алыста трактор үнү жаңырат.
Төрт түлүккө толуп тоонун аймагы,
Жаз төл мына, дайра болуп агылат.

Көктөм күндө гүлгө толуп талаа, кыр,
Торгой күүсү — көктө сүзгөн жанагы ыр...
Кыз, жигиттер кызыл-тазыл кийинип,
Кереметпи... жаз үлпөтү калаада ыр.

## ТАБИЙГАТ — КЫЯЛКЕЧ

Ак булут тоолордо,
Ак куудай сызылып.
Караанын алыстан,
Караймын кызыгып...

Тоо гүлү туулардай,
Тоо желге дилдиреп.
Жайлоонун жыпар жыт,
Жагымын билдирет.



Уюлгуп булуттар,
Удургуп, сүрүлүп.
Арчалар жондогу,
Ансайын жүгүнүп.

Күркүрөйт күн дагы,
Турду эле тымызын.
Чарт этет чагылган,
Чапкылап кылычын.

Бир кезде көк асман,
Булуттан тазарып.
Шүүдүрүм ойноктойт
Шибер чөп жасанып...

Күн кабак ачылып,
Күмүш нур чачылып.
Дециз, көл көшүлөт,
Дене бой жазылып.

Табийгат — кыялкеч,
Баладай мүнөзү.
Тынымсыз өзгөрүп,
Тынбаган күрөшү.

## УНУТПА

Унутпай максат жолдо күн турарын,
Сүйө бил, сени өстүргөн гүл турагын.
Эстей бил, барчын куштай жетик кылып,
Эңсөөдө эл, журт сени учурарын.

Унутпай достук тапкан үйлөрүндү,
Унутпай кырчын кезде үйлөнүүндү.
Эстечи, дайра бойлоп, күлүп ойноп,
Бала кез кужулдашып жүргөнүндү.

Унутпай батканыңды кыялдарга,
Баатыр бол, суктана бил кыраандарга.
Тааный бил, жамандыгың-жакшылыгың,
Үлгүңдү берип урпак, уландарга.

Эске алып Мекен шамын жагарыңды,
Кастарлап мөмө төгөр дарагыңды.
Сезе бил, тирүү кезде өрнөк болуп,
Өлсөң да, өлбөс болуп калаарыңды...

## БИЛДИМ КУРБУМ

Максат чегиң жакынбы же алыспы,
Мезгил — сыноо таразалайт калыс бу.
Аска омкоруп, ак дайраны агызып,
Кайрат барда кармап улуу намысты.
Өмүр сырын тез билген,
Озуп учкул мезгилден,
Шилтейинчи эрдик жасар арышты.

Мезгил мага сунса мүрөк тамчысын,
Заманымдын актап эмгек бал, тузун.
Айды коштоп, күндү коштоп алыска,
Алып барам, чаап күлүк камчысын.
Бар өмүрүм коштолуу,
Максатка жүк кошкону,
Сезим дилде уютуп акыл жарчысын.

Мезгил мага туюнтуп учкул экенин,
Зуулап келем терин аарчып чекемин.
Мээрим нуру беттен сылап жаңыча,
Мөмө тойго толуп кетти этегим...
Эмгек менен, тер менен,
Өмүр сыйым жер менен,
Билдим курбум, бийиктикке жетерим...



## ЖАН АЗЫГЫМ — ЖАШЫЛ ТОКОЮМ

Өлөң чөбүң жибек төгүлүп,
Өрдөк, казың сууга чөмүлүп.
Шыңгыр-шыңгыр добуш үн салат,
Булактарың акса көбүрүп.

Жашыл токой — куштар үндөрү,
Сайран куруп жайкы түндөрү.
Кыргоол учса жылт деп асманга,
Термейт боюн жыпар гүлдөрү.

Бүркүт шаңшып, канат сермесе,
Ыракат ов! Жайда жердесе.
Толкуп кетем курбум, мен дагы,
Толкун шамал токой термесе...

Жашыл токой желге таранат,
Кыял кушум алыс сабалап,
Алып кеттим кыз жыт атырың,
Кумар канбай сени аралап.

## ЧЫНДЫКТЫ ГАНА КӨЗДӨГӨМ

Чындык — бул эмгек таңдарым,
Чындык — бул күйөр шамдарым.
Чындык күч гана көтөргөн,
Алптыгын даана билгизип,
Адамдын жердей салмагын.

Өмүрдө ойноп күлөбүз,
Өлүм ак аны билебиз.
Болсо да зоодой кара таш,
Кылычтай чындык миз менен
Кайыштай жара тилебиз.

Чындыкта күнүм өчпөгөн,
Сүрөттөө кыйын сөз менен.
Өмүрдүн жашоо жолунда,
Жүрөгүм өрттү аралап,
Чындыкты гана көздөгөм...

## ЖАШТЫК ЖӨНҮНДӨ

От, суудан эзел тартынбас,
От жалын белең алтын жаш.
Өнөрүң болсо канчалык,
Өмүрүң сулуу жаркын жаз.

Эсиңде болсун алтын жаш,
Эмгексиз бакыт артылбас,
Элестүү өмүр күндөрдө,
Эрдик жол менен айкын бас.

## СЕН ӨМҮРДҮН СҮЙҮҮСҮ

Жаштык кезиң жүрөгүмдө уялап,
Эзет мени жаркын мүнөз элесиң.
Үмүт өчпөй, сезим закым, күү агат,
Маңдайымда күнүм болуп сен өзүң...

Кабарыңды укпай далай күн өтүп,
Тагдыр бизди бөлүп кеткен алыска.
Бир эргитип, бирде кайра жүдөтүп,
Дале чыдап келем сүйүү намыска.

Кайгыланам каламбы деп көрүшпөй,
Учкун сүйүүң карегимде от болуп,
Бакыт күүң термеп тентек деңиздей,
Толкун чачат сенде сүйкүм токтоолук.



Эстейм жаным, өткөн өттү билинбей,
Жаз болбосо жаркып дайра агабы?
Сезимимде соолбос, өчпөс гүлүмдөй,
Сен өмүрдүн болдуң сүйүү барагы.

## ТҮНКҮ ЭЛЕСТЕР

Жайкы түндүн асеми ай! Шоола нур жамынып,
Куштар үнү токойдо күү, ырлар жаңырып.
Ээндикте күтүү вальсы ээлеп сезимди,
Эңсеп келем сүйгөнүмдү күткөн сагынып.

Жылдыз учуп кызгылт сызыгын жылт деп агызып,
Көчө балкыйт сүт шооласын көрктүү тамызып.
Түнкү элеске бүт сезимим учкул тартылып,
Магнит болот жылдыздар менен кошо жарышып,

Көп мезгилдер ойлоп жүргөн тынбай күнү-түн,
Жарык болуп мендеги көп тилек, үмүтүм,
Ардагыма жолугуп мен айтып сырларым,
Айлуу түндүн эч унутпайм жаштык сүйүүсүн!

## КЫМБАТ БЕЛЕҢ

Ар күнүң кымбат көрөм, урмат көрөм,
Сага мен салам айтып ырдап келем.
Сезимге таң шооласын уялаткан,
Сулуу май ушунчалык кымбат белең!

Мен эмес күлүп мейкин, чексиз асман,
Мээримиң сүйкүмдөнүп жыпар чачкан.
Туйлатып жүрөктөрүн Жер шар эли,
Туу кылып тынчтык ырын катар баскан.

Жалындап сенин эмгек кадамдарың,
Жар салды жаңы күүлөр жаралганын.

Учурду тигил Космос тарабына,
Улуу күн, улуу заман адамдарын...

Сенде бар жаш өмүрдүн тилектери,
Сенде бар балбан күчтүн билектери.
Ажайып миң кулпунуп, булбул сайрап,
Сенде бар картайбастын мүрөк көлү.

Ар күнүң кымбат көрөм, урмат көрөм,
Сага мен салам айтып ырдап келем.
Сезимге таң шооласын уялаткан,
Сулуу май ушунчалык кымбат белең!

## БҮРКҮТТӨР

Бүркүттөр учса бийик булут жарып,
Мен дагы самап тоонун чокуларын.
Бийиктик жүрөгүмдү бийлеп алып,
Көөдөнгө сезим ырын толтурамын.

Бүркүттөр учса бийик күндү көздөй,
Төгүлөт жүрөгүмдөн күү артылып.
Туу болуп, өр таянып, өмүр өчпөй,
Каректе жанып турат кыраакылык...

Бүркүттөр шуулдаса канат жайып,
Тытылып асмандын ак кебездери.
Таалайым ташкынданып, күндөй жанып,
Тартылат баатырдыктын элестери...

Бүркүттөр — болот тырмак, сынбас канат,
Эл билет эрдик символ адаттары,
Эрк, намыс, жүрөгү тоо, курчтук самап,
Доско дос сүрдүү мүнөз кабактары.

Бүркүттөр шукшурулса жебе болуп,
Сызылам максаттарга мен да бийик.
Кандайдыр кайрат күчүм улам толуп,
Шаттанам төбөм көктө күнгө тийип.



## МАКТАЙ БЕР

(комузума)

Токтогул сени барктап ырдап өткөн,
Жан достой Карамолдо сыйлап өткөн.
Деңиздей толкун чачып миң сан жүрөк,
Укканда күүлөрүңдү туйлап өткөн.

Бирде сен төгүп турсаң ыйларыңды,
Бирде сен төгүп турдуң ырларыңды.
Бийикке өмүр жолуң сапар чегип,
Билдим мен күнгө колум сунганымды.

Комузум колдон чебер жаратылган,
Күч алып кереметтүү канатыңан.
Кызыгып лира, жомок, күүлөрүңө,
Кыз-улан сени коштоп таң атырган.

Мактай бер, бакыт берген замаңыңды,
Мактай бер, баатыр өскөн адамыңды.
Батпас күн, жеңиш толгон максаттарга,
Барайын күлүк таштап кадамымды...

## ОНУНЧУ ПАЛАТАМ

(Медсестра Раягүлгө)

Айлам куруп, өңүм өчүп саргайып,
Алым кетип ажал колу арбайып...
Турган кезде өмүр жолдон адашып,
Турдуң менин маңдайымда калдайып...

Күйгөн чөлгө дарак өнүп, гүл өнүп,
Өмүр жашоо болбойт тура түбөлүк.
Көз тунарып, көк дарагым кыйылды,
Көз алдында бир тирилип, бир өлүп...

Жүрөк зилдеп — кырчын өмүр жашымда,
Ныгырылып дарттын салмак ташында.
Ак халатың ак булуттай элестеп,
Айланчыктап турдуң менин кашымда.

Көзүм ачып бир карасам терезем,
Көз алдымда бир келгенсип энекем,
Аппак кайың ак мээримин түшүрүп,
Айтып жатты: «Алтын балам, берекем!»

Бир карасам деңиз жатат чалкыган,
Эсим жыйсам сен экенсиң жаркыган.
Уктагын деп сылап оттуу маңдайым,
Укол куйдуң... Укол, дары артынан.

Бугуп жатса булак көзү ачылбай,
Бутагынан сынып кырчын — жаш ыргай;.
Раягүлүм — ай, онунчу палатам,
Толкун бердиң өмүр күткөн жазымдай...

Ак жолтоюм, сен — онунчу палатам,
Алтын окшойт астың-үстүң карасам.
Сен аркылуу сапар алып алыска,
Мен өмүрдүн канатында баратам!

## ОЙЛОНОМ

Тоо чокулар оттуу жибин артуулап,
Чагылгандын изи көзгө тартылат.
Так ошондо селт деп кийик ондогон,
Өрүш кезип азоолордой атылат.

Бар аймакка сүт нур жанып заматта,
Талаа күлөт, талаа оронуп халатка.
Тоо гүлдөрү жарк деп түшүп сүрөткө,
Туу чокуда күмүш нурлар агат да...





Ошондо мен эстеп муну ойлоном,
Түндөр өчүп адамзатты кордогон,
Куйкаласа чагылгандын жарыгы,
Согуш өрт деп кара желек көтөргөн,
Кара ниетти — жыландарды сойлогон.

## КӨҢҮЛ ЫРГАКТАРЫ

Катарыңдан калбай максат жолунда,
Акыл күчү артып турсун оюңда...
Издебесең ийнең эмес, төөң жок,
Куу жыгачтын куту калбайт колуңда.

Таба билгин, таалай бекте жабылуу,
Бага билсең чөлдө дарак сайылуу.
Акыл менен билсең дайым эр көрктүү,
Атагы артып, балбан билек, карылуу.

Акмак кээде асман тиреп чалкалап,
Адептикти көлөкөдө калкалап.
Качырып ал келген кутту, ырысты,
Кадырыңды туурап салат барчалап.

Эсиң болсо эмгек күндө жатпай бир,
Мекениңдин таткан тузун актай бил.
Эл макалы: мээнетиңе ишенип,
Дөөлөтүңдү таза кармап сактай бил.

Жакшы сөз бар жай күнүндөй дарактуу,
Жадыратып жанга сүйкүм канаттуу.
Жаман сөзүң ачыштырып жүрөктү,
Керек болсо бүт дүйнөнү салат чуу...

Өскөн жериң өмүр тооң — бешигиң,
Кичинеби, чоңбу болуп кесибиң.
Бүткүл дүйнөң ашып-ташып ченебей,
Бакыт нурга толуп турсун эшигиң.

Мээримдүүлүк мелт-калт этсе канчалык,
Мээримсиздик кетип алыс камчы алып...
Өмүрүң да туудай жайнап сеңирде,
Сергий түшөт жаштык күндө арча алып.

Өзгө камын ойлоо — чыны эр киши,
Өз камында жүрүү — кемтик белгиси.
Бакыт деймин даңазалап артыңдан,
Айтса адамдар: «Жигиттин бир дециэи!»

Сен умтулуп чын адамдык билимге,
Айтып бүткүс актык ташып дилиңде.
Пейлиң көлдөй чалкып турса кубаныч,
Же талаада, же алыста, үйүңдө,

Бак картаят бар бутагын жаңылап,
Адам күчтүү ак дайрадай агылат.
Үмүт-үмүт, үмүт гана түгөнбөй,
Үнү бийик бар тилегин дагы улап...

## ЖАКШЫ ЫРЫМ — УЧАР КАНАТЫМ

Жакшы ырым — жаным, канатым,
Жалынын чачкан Күн болуп.
Ыракат күүсүн чаласың,
Ыр кайрык менен бир болуп...

Дилимде ак шам жагылып,
Дилдирек болуп ойлорум.
Өмүрүм таңдай жаңырып,
Өткөрөм жаштык тойлорун.

Ой-тоолор бакыт чөгөрүп,
Ойноктоп бир күч канымда.
Кырчындай жап-жаш төрөлүп,
Кыйбасым турат жанымда...





Жакшы ырым — өчпөс чыйырым,
Жолумдан алтын, агып дан.
Эч үзбөй жашоо тынымын,
Кылымдар чегин карыткан.

Ырысым болуп көктөгү,
Издегем сени чабыттап.
Ыр менен күнүм өткөрүү,
Бакытка мени багыттап...

Шаттык жүз берип адамга,
Желбире туудай, бийикте.
Тынчтык күн, жыргал заманда,
Жарыштың пегас күлүктө.

Куш болуп учуп жолумдан,
Мүнүшкөр болуп таптаган.
Жакшы ырым кетпей оюмдан,
Жүрөгүм толкун каптаган.

Жумушчу жүзүн кубантып,
Дыйкандын кандыр талаасын.
Өмүрдү берген улантып,
Тоолуктун бышкын сабасын!

## ЧЫРПЫК

Чырпык сайсам өскөн жериме,
Чынар бол деп сүйкүм элиңе.
Бутак жайса гүлдөп, көкөлөп,
Толкуй түштүм батпай териме.

Өсүп үйдө өмүр туягым,
Өргө чаап учкул кыялым...
Чырпык сымал чынарга айланып,
Күч аларын сезип турамын.

Анда эмесе, туяк, чынарым,
Өмүр жашың өлбөс улагын.
Сынына тол заман, мезгилдин,
Сыймык кылсын элиң, турагың.

## БИЙИКТЕГИ АК МӨҢГҮ

Ак мөңгү ак булут сени аймалаган,
Күн нуру күлүп тийип саймалаган.
Бек тутуп бийиктикте тазалыкты,
Адамга бүтпөс сыйың бар арнаган.

Кээде сен жылдыз менен айкалышып,
Кыналсаң күмүш нурга чайканышып.
Акындар ырдайт сени ыйык тутуп,
Акындык жүрөк, ойдон бал тамызып...

Ак мөңгү — мөлтүр күзгүм бийиктеги,
Тамчыңдан татып тоонун кийиктери.
Өмүрүм өтсө деймин мөлтүр болуп,
Ыр кылып кыргыздын кыз, жигиттери...

## МУСА ТАҢШЫЙТ!

Ай, Тянь-Шань!
Ак чач тоолор керилген,
Муса таңшыйт, ырдап бийик сеңирден.
Жашыл бетте жаңырыктап абаны,
Кетпейт үнү, кетпейт күүсү көңүлдөн.

Ай, Тянь-Шань!
Аппак тоолор чалкыган,
Муса таңшыйт, таңшыгында калкыгам.
Учуп өтүп куштар өткүс бийиктен,
Үн жебеде мен да алыс тартылам.



«Даанышманы»
«Үкөй ыры», «Алма алам»,
Күүлөп канат күн, чолпонун жандаган.
Нарын дайра тыңшай калып ырчыны,
Жар чапкылайт жарык чачып кайра анан...

Ай, Тянь-Шань!
Ак селдесин оронгон,
Айдың төрдө ырчы Мусаң торолгон.
Аралайын сонундардын дүйнөсүн,
Созуп койчу, уулуң черткен обондон.

Асман тиреп,
Ак чач тоолор керилген,
Булбул ырдайт, таңшып бийик сеңирден.
Жашыл төрлөр жаңырыктап обонго,
Муса элеси кетпейт сезим көңүлдөн.

## ТЕШИК КАНАЛ

Айтсак мына, тоодой толкун сырың бар
Аска ойгонот уктап жаткан кылымдар.
Таш кучактап күйүп жаткан кең талаа,
Гүл терметет куруп шаңдуу жыйындар.
Тешик тоонун өңүрүн,
Тешип канал сен өтсөң.
Ардак кылып айтар сага ырым бар.

Чабалекей калкып суунун шарында,
Кукук куштар күүлөр коштоп сайында.
Жар салсам деим Тешик-Канал кубатың,
Жарыша ырдап жазгы сугат маалында.
Каркыралар үстүңөн,
Кыркаар тартып учса бат,
Көктөм ыры ойноп турмак канымда.

Тешик канал, деңиз канал, нур канал,
Тоо сууларың боз жайыкка бур, канал.
Сан байлыгың күтүп турат эмгек тер,
Сайма көркүн азем кылып кур, канал!
Сенин шапат демиңде,
Жашыл дарак ыргалып,
Кыргыз эмес, дүйнө досуң суктанар.

Жазда иш тынбай, күздө түшүм жаралып,
Боз-Жайыктын кереметн бар анык...
Эр жигит, кыз келер эңсеп иш менен,
Таң шооласы келатканда агарып.
Тешик-Канал тездегин,
Каны катып өз жериң,—
Күтүп турат тоо булактын көздөрүн.

## ЖЫЛКЫ АЙДАСАМ...

Олтургансып сыйкыры күч канатта,
Келип калдым жылкы айдаган тарапка.
Көктө сызган булутту артка калтырып,
Белести ашып белге чыктым заматта.

Жылкы айдасам тоолор кошо дүңгүрөп,
Аска солк дейт кар жамынган үргүлөп.
Жал, куйруктар канат шилтеп шамалга,
Көзгө илешпей болот учкул дилдирек.

Адатыбы жылкы үйүрдүн кылымдап,
Ак кар тозоң, ак бороондуу куюндап.
Ай туяктан асманга атып таш дагы,
Аймак бети өзүнчө эле ыр ырдап...

Куш бүткөндүн артта калып карааны,
Жылкы дайра — толкуп күчөп дагы ары.
Жылдыз болуп, көздөр жайнап күлүктөр,
Сызып келет жара тилип абаны...



Нак жүрөктөн толкуп чыккан сезимби,
Чын жактырып жылкычылык кезимди.
Жыргай түшөм бой жазылып тоолордо,
Жылкы айдасам айкөл сезип өзүмдү.

Билем сырын кереметпи дагы ушу,
Кымызы ай!
Ден соолуктун дарысы,
Өзгөлөргө өмүр берип жаткансыйт,
Жылкы айдасам дүңгүрөгөн дабышы...

## ӨМҮРДӨГҮ ИЗДЕР

Өмүр жолдо баскан максат издерим,
Сыймык менен сүйлөп өткөн тизмегин.
Тоо арчадай жаштык алып турса экен,
Урпактарга мурас кылып иш кебин...

Бирөөлөргө кылдай кылбай жамандык,
Болбосо экен баскан изде арамдык!
Нугу өчпөс өмүр берген дайрадай,
Нур төксө экен жарык пейил, адамдык...

Жакшылыкка толуп бийик асманым,
Айдап алыс журттун жылан-кастарын.
Мекенимдин ак кайыңы ыргалып,
Мээрим күн нур чулгаса экен жаштарын...

Айтпаса экен: «Артта изи калбады,
Ал бир байкуш журтка чырпык сайбады.
Сай кумундай келди, кетти дүйнөдөн,
Ошол үчүн дарек эсте калбады...»

Баскан изим — бар байлыгым кумарым,
Тилейм сенин өчпөй жанып турарың.
Жашоо күндө өлбөй кайра тирилем,
Кеп, сөз кылса «изи бар!» — деп турагым.

## КӨПҮРӨЛӨР ЖҮРӨКТӨГҮ, ОЙДОГУ

Үзбөй улап тилек менен тилекти,
Жакын кылып жүрөк менен жүрөктү.
Сүйүүлөрдө бекем болуп көпүрө,
Сүттөй таза сүйүп мекен-түнөктү.
Жаштык өмүр жадыраган,
Майдан иште талыбаган,
Ак эмгекте сына, күчүң, билекти...

Сезимиңе үмүт жибин жөнөткөн,
Алма жүздүү ай жамалың сен өпкөн.
Ырыс күтүп, чалкып турса жашоодо,
Ыйык тутуп көпүрөсүн сага өткөн.
Алтын боолуу гүл жигиттер,
Ар максатта үмүткөр,
Өрүшүндө өмүр гүлүн өнөт кен...

Биз жашаган журттун тоосу, ойлору,
Тынч уйкудан алып жарык ойгонуу...
Шар дайрадан, көлдөн өтүп көпүрө,
Шаар бүгүн элим кадам койгону.
Ар улуттуу өлкөм сенде,
Арым улап, серпип канат.
Өз жолунда түнөгүн таап,
Көпүрөлөр жаркып барат,
Жүрөктөгү, сезимдеги, ойдогу...

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Турмушта, өмүр жолдо ачып барак,
Аккуулар көлдү көздөй шашып барат.
Тоо, булут, токой, түздөр артта калып,
Көз карек көркөм сүрөт тартып барат.
Кызгалдак кызыл-тазыл кырларда ойноп,
Көңүлгө бакыт ырын жазып барат.



Кандайдыр туулган жерге канааттанып,
Төбөмдө каркыралар канат кагып,
Жазды ырдап «каарк», «каарк» этип сүйүү козгоп,
Сезимге жылуу мээрим жылдыз жагып.
Ойлонтот оттой жалын мезгилимдин,
Кайрылбай кеткендигин эске салып.

Бийиктен жылаажын үн улам кычап,
Бир тынбай мезгил учат, мезгил учат.
О, сулуум, көктөм жазым билсең баарын,
Жарыш чоң, максат жарык, жолдор узак
Сени ойлоп, сүттөн аппак сүйүүмдү ойлоп,
Менде да жаа огундай ойлор сызат...

## ЖАШЫРЫП ЖАЗДЫН ДАРАГЫ

Бутакта сырдуу көз тигип,
Сырдашып турган жанагы,
Көрүнбөй калды кыз, жигит,
Жашырып жаздын дарагы.

Жаз айы жапжаш баладай,
Жарк этип кээде чагылган.
Аземдүү кумар тарабай,
Аккуулар көлдү сагынган.

Булуттар көчүп заматта,
Үйүлүп тоонун башына.
Күркүрөп оту жанат да,
Айланат көлдүн жашына.

Бутакта сырдуу көз тигип,
Сырдашып турган жанагы.
Көрүнбөй калды кыз, жигит,
Жашырып жаздын дарагы.

## АЙМОНЧОК

*(Диспетчер кызга)*

Айдоочу... бири кетсе, бири келип,
Жүрөккө жүк ташыган күүнү берип.
Канбастан Аймончоктун кыялына,
Кайрадан көргүсү бар бир имерип...

Аймончок ай, Аймончок,
Ар кыл иште бир болсок,
Жаркыратып дүйнөнү,
Жазда чыккан күн болсок.

Жадырап күлкү таңын салып турган,
Эмгекке ой-сезимин каныктырган.
Диспетчер кыз — Аймончок мүнөзү элпек,
Эки беттен анары жанып турган.

Аймончок ай, Аймончок,
Ай талаада бир консок.
Аалам элин жашартып,
Атыр чачкан гүл болсок.

Жарышта жеңип кызыл желекчени,
Ай сымак алды жакта келет пери.
Диспетчер, диспетчер кыз Аймончок деп,
Шуулдайт жолдун жашыл теректери.

Аймончок ай, Аймончок,
Айтып бүткүс ыр болсок.
Айдап турмуш кемесин,
Алыс жолдо бир болсок.



## ЖАШТЫГЫМА

Жаштыгым кайталанып элестериң,
Жадымда келет дайым сени эстегим.
Өзүңдөй аппак канат барчынды издеп,
Өмүрдүн аштым далай белестерин.

Жаркылдап жайдын сулуу ак таңында,
Тамылжып эмгек нурга батканымда.
Түгөнбөс жаштык жолун жомок-кылсак,
Улуу от алоо күйдү ат жалында.

Жаштыктын жалыны бар, жагымы бар,
Эмесе Мекен-Журтка таанылып ал,
Мелтилдеп көл толкундун күүсүн таштайт,
Мендеги жаштык күткөн сагынуулар...

* * *

Ай, апаке! Өчпөс сүйүүм, бак күнүм,
Толкун термеп, айтсам сырды так бүгүн.
Жарык күндөй эгер өзүң болбосоң,
Жайнайт беле мөмө төгөр шак гүлүм.

Билем сырың, балдарыңа ынаксың,
Бул өмүрдө күйүп турган чыраксың.
Өзгөлөргө байкалбаса too күчүң,
Өзүм үчүн бийик аска, булаксың.

Бул дүйнөгө сен жаралып келгенден,
Ай ааламга канат кагып термелгем,
Булбул сымал бутагында айланып,
Бул жашоонун өлбөс гүлүн терген мен.

## СЫРЛАР АЙТАМ

Ак боз үйгө сүйөнүп караганың,
Аппак гүлүм чын дилден самаганың.
Бийлеп алды кыялың бүт сезимди,
Билсең боло жүрөктө санаа барын.

Жаным самап жактырып көк конушуң,
Каалайм эркем жүрөктө от болушун.
Кайрып ырдап өмүрдүн сүйүү жолун,
Каалабаймын ыр, күүнүн токтолушун...

Кош деп мөлмөл колуңду бергениңде,
Жылдыз учуп кең жайлоо төрлөрүмдө.
Ааламда кош канаттуу шумкар болуп,
Сезимден сырлар төгөм сен жөнүндө.

## СЕЗИМДЕ ЖАНГАН УЛУУ КҮЧ

Биз жүргөн тоодо, көктөмдө,
Ак булут ойноп көчкөндө.
Алгачкы сүйүүм билдирип,
Ак бетиң сенин өпкөндө.

Жылмаюуң алтын Күн болуп,
Кучагым жыпар гүл болуп.
Сезимде жанган улуу күч,
Шерттешкен сөздөр бир болуп.

Өмүрдө турмуш ар кандай,
Бирде ачуу, бирде бал кармай.
Өзүңдү мөлмөл көргөндө,
Өзүмдү калам карманбай.

Кездешип гүлүм сен менен,
Ак сүйүү журтун жердегем.
Албырып тунук махабат,
Ак толкун ээ-жаа бербеген.

Ошол кез кетпей түшүмдөн,
Ак бермет болуп тизилген.
Жыргалды алам азыр да,
Жылмайып койгон жүзүңдөн.



## САМАДЫМ

Көгөртүп жер бетин,
Ак жамгыр сугарып.
Буулантып көл бетин,
Булуттар чубалып,
Өткөнүн самадым...

Айлымдын жаңырган,
Гүлдөрүн тагынган.
Атыры төгүлүп,
Бачайы жамынган,
Көктөмүн самадым...

Кайраттуу күчүмүн,
Көрсөм деп үзүрүн.
Күтүп көп байлыктай,
Күз үлпөт түшүмүн,
Төккөнүн самадым...

Тагдырым самаган,
Күн батаар мезгилдин.
Булуттар канаган,
Жаркын жаз-кеч күндүн,
«Өрттөрүн» самадым...

Жамынтып гүлдөрдү,
Жаңыртып түндөрдү.
Толкутуп адамды,
Тоо, дайра күүлөрдү,
Черткенин самадым...

## АЙНУРА — АЛТЫН КЫЗЫМ. КӨПӨЛӨГҮМ

I

Камчылап максат канатым,
Как жарып булут арасын,
Сергитип ата көңүлүн,
Сезимтал болуп барасың.

Күн нурун чачкан ардагым,
Күүндөн ошол жанбагын.
Орундуу болсун тилегиң,
Ойлонуп элдин бар камын...

Туюктун чечип түйүнүн,
Туурунда артып күйүмүң,
Элиңдин термеп кубанчын,
Ээлегин эмгек бийигин.

Тоо ташты топтой калчаган,
Жылдызга жетер бар чамаң.
Таалайың артып дүйнөдө,
Ташкындай берсин мартабаң.

II

Айнура алтын кызым — көпөлөгүм,
Алдыңда бакыт жолуң — төтөлөгүн.
Артынып акыл жүгүн Ала-Тоодой,
Ааламга чыйыр салып көкөлөгүн.

Турмуштун артка таштап куюндарын,
Максаттын жеңип чыгып кыйындарын.
Жаңыртып бара жаткан эмгек жолуң,
Жаңыча өнөр менен зуулдагын.



Өнөрлүү аркаң тийип, эл-жериңе,
Сыймыктан, бул турмушка келгениңе.
Мен дагы күү толгоюн нечен-нечен,
Кубантып өмүр жазын бергениңе.

Сезими жаралууну айыктыргын,
Сергитип Ай, Чолпондой жанып тургун,
Ата Журт берген сыйын ыйык тутуп,
Адамдык салтың менен жарык кылгын.

III

Асмандап өсүп турган чынар терек,
Ал терек — аталардан калган белек.
Бөбөктөр саянында сайран куруп,
Көйкөлүп, көңүл кушун термеп келет.

Сен дагы чынардай бол саяныңда,
Көңүл күү ойноп кыяк, баяныңда.
Ар кимдер айтсын элдик кызыбыз деп,
Сени эстеп алыс сапар аларында...

Садагам! Көргөндүрсүң тоо булагын,
Ташкындап дайра болот аягында.
Айтылып унутулбай жүрсөң экен,
Доорундун жомок ыры, баянында.

Досуңа туу, бел, бийик аска болуп,
Касыңа каарың төгүп башка болуп.
Жериңде сыймык алып жүрсөң экен,
Кызык иш, кызыл туудай атка конуп.

* * *

Жылдыздуу далай дайра акты,
Жылгада куштар сайрашты.
Көңүлдүн отун табыштык,
Көтөрүп жаштык байракты.

Ак гүлүм төгүп мөмөсүн,
Ак таңдай болгон элесиң.
Балапан кезден табышкан,
Балдарга бүгүн энесиң.

Өмүрдүн балын татарым,
Өстүрүп медер катарым.
Бактыга балкып сүйүүдөн,
Балдарга мен да атамын.

Бейпил күн, бакыт бекемде,
Кут ойноп, болуп эсенде.
Жашасак болду өмүрлүү,
Жаркылдап иштеп мекенде.

## ЭЛЕСИҢ ТУРАТ ДАГЫ ЭЛЕ

Жашырып бизди көк дарак,
Жалыным артса көз кадап.
Жүрөгүм менен жактыргам,
Жүрөгүм сени өз самап.
Оболоп бийик учканбыз,
Ортодо сүйүү сөз тарап...

Сен кармап боосун башканын,
Алмашты бирок, асманым.
Жашынмак ойноп жашынды,
Жаштык кез сүйүү жаздарым.
Каректе калды күйгүзүп,
Кара каш, калтар чачтарың.

Жаз өтүп, далай кыш өтүп,
Жолуңду жүргөм күзөтүп.
Жаркылдап тынчтык бербеген,
Жанымдан далай кыз өтүп.





Жүрсө да самап бир сени,
Жүрөгүм күүсүн күчөтүп...

Ардагым кандай жан эле,
Унутам десем жаңы эле.
Уруиттуу жылдыз махабат,
Уюлгуп көзгө баары эле.
Элиртип сезим жүрөктү,
Элесиң турат дагы эле...

## СЕГИЗ САПТАР

### 1

Сен менин алма шагым болуп жүрбө,
Сен шакка булбул сымак конуп жүрбө.
Жан эркем, жагалданган жазгы таңым,
Бакыттай бар купулга толуп жүрбө.

Көз карек тартып алып сүрөтүңө,
Элжирейм сенин жибек мүнөзүңө.
Серпилем көктө жаркын жылдыздарга,
Сезим ой туткун болуп бир өзүңө.

### 2

Серп салам сагыныч толгон адат менен,
Сен мага сүйүү таккан канат белең.
Күтүп көп максаттарды бүчүр жарар,
Күн жайган туу чокуну самап келем.

Сен дагы сезип күнгө баратканың,
Өмүргө ак таң жолун жарат таңым.
Эргип ач, өкүнүч болбой, кубаныч болсун,
Өмүрдүн сүйүү толгон барактарын.

3

Мезгил өтсө сен арчадай жашарып,
Тоодон аккан булак болуп тазарып.
Көңүл толкуп, көңүл учкул кезинде.
Көз каректер кетпесе экен жаш алып.

Жүрөгүмө чертип сүйүү элесин,
Секунд сайын сен оюма келесиң.
Жыргал сезер, бакыт сезер дүйнөдө,
Ак сүйүүңдүн албырт отун төгөсүң.

4

Суктандырып Ай, Күн, Жердин арасын,
Көз алдымда мүрөк болуп агасың.
Мээримдикти берип жаным ченебей,
Ак сүйүүмдүн албырт отун жагасың.

Бийиктигиң жылдыздарга теңесем,
Ай, аппагым, апырт сөздөр дебе сен.
Түн шам өчүп мезгил канат какса да,
Күйүп турат мен үчүн көк терезең.

5

Мен жаз болуп, сен күз болуп мөмөлүү,
Жакшылыкка жайнап турмуш өрөөнү.
Биз баралык бакыт таңга, жылдызга,
Алып учту ак сүйүүнүн демөөрү.

Мен сен үчүн мухит сырым арнадым,
Мөл-мөл этип сырдашуудан танбадым.
Дастан болуп жазылса да тирелип,
Махабаттын бал даамына канбадым.



6

Көргүм келип көз карегиң келишим,
Көптөн учкан шумкар болуп сен үчүн,
Турмуш жолдон тайбай сүзүп өтүүгө,
Болдуң акыр көк мелжиген деңизим.

Бул жашоодо тийген жарык Күн, Айым,
Мейли өткүн толкундарда сынайын.
Чөгүп кетпес тереңинде, мээринде,
Бир гана эмес, миң кубанып турайын...

7

Мен түшүмдө түбөлүккө тирилдим,
Сенин кирсиз махабатың дарылап.
Кайра-кайра толкуп-ташып сүйүүдүм,
Учар бийик канатымды жаңылап.

Сенин сыйкыр кереметиң деп билем,
Ыр жаздырып сезим күүсүн дүрбөткөн.
Сенин ыйык дареметиң деп билем,
Сүйүү таштап жан дүйнөмдү гүлдөткөн.

8

Көрчү бүгүн асман ачык булут жок,
Таң шооласы аруу көрком чачырап.
Сага деген үмүт отум күйүп чок,
Жүрөктө бир асыл гүлүн асырап.

Кайгыртпачы, билчи аны жалыным,
Тынчымды алдың сүйүү жазын аралап.
Сен дегенде сезип өмүр жарыгын,
Жер шарында бийик учам сабалап.

## 9

Ой ойлонтуп, сындырып оң канатым,
Ойготпочу түшүмдөн таңда мени.
Кыйрап калган ак сүттөй махабатым,
Кыйын жанып ордуна кайра келүү...

Сооротпочу көңүлдү сынап калдым,
Текеберлүү жашаган өмүр эмес.
Текеберлүү адатың тыйып калгын,
Таштай каттым, таш күйбөйт... көмүр эмес.

## 10

Жаз болбосо сайда аккан суу да болбос,
Жазды сүйдүң жалжалым жаның менен.
Көл болбосо көлдө учкан куу да болбос,
Көлдү сүйдүң жүрөктө жалын менен.

А сен сезип бийикте турганыңды,
Неге жаным унуттуң курбалыңды.
Ыза, муңга чөктүрүп ууктурбай,
Угуп койчу, унутпас сырларымды...

## 11

Бул турмушта баары бар: жоготуу бар,
Жоготууда курбуңдан алыстадың.
Бул турмушта баары бар: тогошуу бар,
Тогошууда өрүшкө арыштадың...

Кайда болсоң калкалап кара башың,
Кош камчылап кошомат арабасын
Жапырт сенден качканын билбей калдың,
Жакын тууган, досторуң, санаалашың...



## МЕН ДА СЕЗЕМ

*(Таланттуу обончу, аткаруучу жана куудул артист Экия Мукамбетовдун эстелигине)*

Ыр, күү десең, ырыс көлүң ташкандай,
Тунук мөңгү туу чокуну ашкандай.
Жакшы үмүттө жайнар элең кулпуруп,
Жабалактап жайлоо гүлүн ачкандай.
    О, жан досум! Ырдан алып канагат,
    Тоолор көшүп... толкуп суулар салаалап.
    Жан дүйнөңдө обон, ырлар козголуп,
    Учаар элең ак булутта сабалап...

Күүңдү угуп гүл бакчадан, талаадан,
Күн элесиң кетпейт күлүк санааман.
Өмүрүң да жаркын эле, жаз эле,
Өнөр жолдо жакшы тилек самаган.
    Аткарса да ажал чиркин мүдөөсүн,
    Экия сен! Эл менен бир жүрөсүң.
    Ыр, театр, күлкүң менен, күү менен
    Эл журтуңду тунук, таза сүйөсүң.
Билем курбум, миң толготуп жүрөктү,
Өмүр жолуң күздөй үлпөт сүрөттүү.
Жан азыгың — обон, ырың, күүлөрүң,
Жандап барат бакыт тарткан мүнөттү.

    Кыргыз эстеп сендей өткүр жалынды,
    Эч унутпайт күлкү ойноткон таңынды.
    Мен да сага жолуккандай сеземин,
    Көргөн сайын балдарыңды, жарыңды...

## КОШ БОЛ, СҮЙҮҮМ!

Кош бол, сүйүүм! Сени арзыгам бир кезде,
Күтүп далай жашыл жайлоо белестен.
Кыялдарың турат зоодо жаңырып,
Ак кайыңда аппак жүзүң мени өпкөн.

Кош бол, сүйүүм! Эбелектеп бир учкан,
Жадыратып биздин сулуу көчөнү.
Көк жоргодо шарак этип куюшкан,
Толуп турган ак дайрага өзөнү.

Кош бол, сүйүүм, жаңырыгым-жаштыгым,
Айыл ичин аралаган нур болуп.
Ак булакты булгап кетип бир зөөкүр,
Калган акыр колдон аккан кум болуп...

## ЭКИ ЖАШ

Жаз айы.
Өткүн...
Көктөм бермет илген,
Сайма түр
жанып жаздын келбетинен.
Келатат
кең айдында бир кыз-жигит,
Кылаалап
кыял күүгө терметилген.
Кызгалдак...
Кыз колунда көркүн ачат,
Кыз, жигит
бири кууса, бири качат.
Ортодо
үзүлбөгөн сүйүү жиби,
Экөөнө көөнөрбөгөн
үмүт чачат.
Эки ак куу —
Эки тилек чыны мына,
Бараткан
эртеңки өмүр чыйырына.
Күткөнү
эмгек, жеңиш-келечектин,



Из таштап,
жеңил эмес, кыйынына.
Үйрүлүп
бир-бирине эки ашык,
Эриндер
бүлк-бүлк этип жакындашып...
Дене ысып,
колдор ысып,
мына кызык,
Сызылат
Тээ алыска закымды ачып...
Көк айдың...
эки караан, эки сүрөт,
Жарашат
бири чүрөк, бири түлөк.
От учкун
жанып назик жүрөктөрдөн,
Алыста
турмуш таңы эшик түрөт.
Асемдик,
экөөндө тең мөлтүр жанып,
Айлана
мээрим чачып, турмуш жарык.
Сулуулук курчап алып
кош канатын,
Эки жаш
кетип барат жылдызданып...
Тигине,
көк айдында кайнап келет,
Жарашып,
жүздө нурлар жайнап келет.
Асманга
атып чыгып бакыт куштар,
Нур төгөр
жамгыр күүсүн айдап келет.

## БИЛСЕҢ БОЛО

Көп күн болду сени мен жактырганым,
Жүрөгүмө мөмөлүү шак кургансың.
Жан дүйнөмдөн өзүңө сырлар төгүп,
Ак жолумда ыйык, чоң бак кургамын.

Ак сүйүүмдү көөдөнгө бекем түйүп,
Кыз көөнү кыйын экен калсаң сүйүп.
Көкөйдө көп сөздөрүм бир айталбай,
Өртүңө бараткансыйм, жанып-күйүп...

Көз болсоң сүрдөп кетем, кумарланам,
Элесиң карегимден чыгарбагам.
Бактым деп сени көптөн самап жүрсөм,
Бар сүйүүм кандай жансың билалбаган?!

Байкап мен мага бир көз карашыңды,
Ойлорум алып учар канатымбы?
Сен сезбей ошол назик сезимимди,
Бир кызык туюк бүткөн адатыңбы?!

Жүргөндө махабатка араң чыдап,
Мени да байкагансып жана сынап.
Билдиңби, билбедиңби жүрөк бийлеп,
Бейкапар өтүп кеттиң агам сымак.

Жылт эткен жылдыз отун жагарымды,
Сыр курап комуз күүсүн кагарымды.
Жүрөктө жарат тагын айыктырар
Алдыңдан булак болуп агарымды.

Түгөйүм билсең боло, билсең боло,
Өрт чалган жан дүйнөңө кирсең боло.
Сен дагы жаңы тапкан махабатың,
Кармалап бал мөмөсүн ийсең боло...



## КАЙДАСЫҢ ЖАНЫМ

Жайлоонун салкын таңындай,
Жашоонун мөмө шагындай.
Жүзүндө шаттык ойносо,
Жүрөгүм толкуйт Нарындай.

Талаанын жашыл саймасын,
Таң булбул таңшып сайрасын.
Канаттуу сүйүүм өчпөгөн,
Кайдасың, жаным кайдасың?

Нарындай гүлдүү жагымың,
Нарындай өчпөс жарыгың.
Саамайың сылап тоо жели,
Сагынтат сүйүү жалының.

Билесиң кызгылт анарым,
Нарындын кайда агарын.
Сен десем жүрөк жалындап,
Сергиткен күүнү табамын.

## ЭСТЕЙМИН

Эңсөө көп мендеги,
Кеттиң сен алыстап.
Эмнесиң сен деги,
Жазганың табышмак...

Эңсеймин сөз жаным,
Эңшерип жүрөктү.
Жаркылдап жаз таңым,
Ай өттү, күн өттү.

Эстеймин кайрадан,
Айламды табалбай.

Булбул куш сайраган,
Көкөлөп жагалмай.

Өрүшкө тартылат,
Өз бактың, өз күнүң.
Сырларым айтып ак,
Сүйүүмдү сезди ким?

Эстеген керемет,
Унутпай курбалың.
Ак шоола себелеп,
Ажайып нурларың.

Эстеймин түштө да,
Эр жигит мүнөзүң.
Көңүлүм түшсө да,
Байкабай жүрөсүң.

## ЖАЗГЫ ТАҢЫМ

Сени издеп гүл бакчадан сагынчу элем,
Сен мага дайра болуп агылчу элең.
Ичиме батпай сүйүү жалындарым,
Гүл бутак бүчүр болуп жарылчу элем.

Сүйүүнүн өчпөй ошол жалындары,
Каректен кетпей кылыч чагылганы.
Аккуудай канат кагып толкундаткан,
Асманда ак булуттун агылганы.

Тартылып өзүң жакка эрким менин,
Жүрөгүм ак сүйүүгө серпилгенин,
Сен дагы тыңшап турчу жазгы таңым,
Сезим-ой комуз болуп чертилгенин.



## КҮТӨМ СЕНИ

Күтүп сени гүл бакчанын жанынан,
Күн да кечтеп уясына малынган.
Көрүп турган сенин сулуу элесиң,
Көз нуруна баткан кызгылт жалындан.

Күтүп сени Ай да чыккан маалында,
Айга окшоттум ырдын сүйүү сабында.
Эңсеп сени көз карегим талыткам,
Элестетип жайдын сулуу таңында.

Өзгөчө бир жылдыз оттой жанарың,
Билем эркем, бар сезимим самарын...
Сен жаркылдап келсең жүрөк, кашыма,
Билем жаным, бир бакытты табарым...

Алды жакта бийик максат, ашуулар,
Күтөм сени күтүү деген жазуу бар,
Өмүр жолдо бирин бири сагынтып,
Акыры анан күтүү чери жазылар.

## ЖҮРӨК УНУТПАЙТ

Айтылуу жаштык багында,
Сырдаша бассам жанында.
Ак сүйүүм деген бир сөзүң,
Ойноктоп калган канымда.

Ошондо келген бир элес,
Оюмда миндеп, бир эмес...
Айланып келген өмүргө,
Тартылган сулуу күн элес.

Унутпай жүрөк ошону,
Унутпай ырга кошобу?!

Таалайым — көлүм мөлт этип,
Тамылжып жүзүң жошолуу.

Шыңгырлуу күлкүң бар тунук,
Сен жакка көңүл тартылып.
Түшүмдө кетем айкашып,
Мойнуңа колум артынып...

Жаштык күн... жаным сен өткөн,
Саналып учкул каректен.
Алп күчтөй сезим жаңыртып,
Алиге мага берет дем...

Айтылуу жаштык багында,
Сырдашып бассам жанында.
Ак сүйүүм деген бир сөзүң,
Ойноктоп калды канымда...

## БИР СҮРӨТ

От алып чагылгандын сызыгынан,
Бараткан өмүр жолдор кызык улам.
Ааламга тынчтык күүсүн тартып мына,
Ак кептер айланада учуп улам.

Күч алып эбелеген канатынан,
Жылдызга сызып учуп барат улам.
Күлгүн жүз, күлгүн бөбөк кол булгалайт,
Гүл бакча, гүлдүү кыштак арасынан...

## БИРГЕ БОЛСОҢ ЖАНЫМДА

Өлбөс сүйүүм, ак мөлмөлүм, эрмегим,
Тоо чокудан сен деп гүлүм тергемин.
Эх, чиркин ай! Эстен кетпейт алгачкы,
Күндөй жаркып күлүмсүрөп келгениң.



Көркко бөлөп жашыл өстөн сайымды,
Дайра суулар төктү, кубат жалынды.
Сулуулугуң, сезим отун жандырып,
Сүттөй аппак сулуу кылган таңымды.

Атыңды атап күмүшүмдү күрөгөм,
Бар элесиң мени алдыга сүрөгөн.
Көңүлүмө бакыт куруп, күү куруп.
Көз карашың көөдөнүмдө түнөгөн.

## ӨЗҮҢДӨН КУБАТ АЛЫП

Кыдырсам тоо, токойду, ай талаамды,
Сүйүүмдү бир өзүңө айталамбы...
Жаркыным сенде бүткөн жылуу мээрим,
Жаз болуп кайра өзүмдө кайталанды...

Сурасам сырдашыңдан, каттагандан,
Сен сүйүп босогомду аттагандан.
Өзүңдөн өмүр бою кубаттанып,
Чексизге канатымды таптап алгам.

Жаратып азем бүткөн шак талааны,
Турмушта таанып-билип ак-караны.
Сен менен сезим жаркып, алп күч болуп,
Тоого да куруп койдум ак калааны.

Билгенден тунук акыл оюнду ачык,
Кандайдыр сыйкыр күчтөй боюм жазып,
Ширетип бекемдикти болот кылып,
Баратам туюктардан жолумду ачып...

# ЧЫМЧЫКЕЙЛЕР

## КОРКУНУЧТАР ЖӨНҮНДӨ ЫР

Түз талаада толкун болуп куралган,
Коркпойм досум, катуу селден, кыяндан.
Күтпөй көпкө табигаттын ырайын,
Күч бар менде деңиз суусун буралган.
Бирок корком,
кайгы тартам —
ойлоном.
Көңүл өчөр,
Тоо, жер көчөр
Бой басынтып дөөгүрсүнгөн кыялдан.

Ажал издеп ар жандууну тооруган,
Коркпойм досум, келген кесел оорудан.
Таптым мына барар күндү — алыскы,
Таалай жолун тандап алып дооруман.
Бирок корком,
Жүрөк заада
Сыр тутам,
Бир иш кылбай
Миң кызарып,
Көңдөй жашап, максаты жок болуудан.

Бороон боздоп, каптап келген тумандан,
Коркпойм эзел кыйындыкта сыналгам.
Заман мени закым күүгө үйрөтүп,
Ташты кесер болот кылып сугарган.
Бирок корком,
Арман кылам
Аттиң!.. деймин



Караны ак деп,
Акты көк деп
Акчыланган ушак сөздүү куулардан.

Маңдайыма кылыч такап колунан,
Чабам дегин, коркпойм, курман болуудан.
Мени үйрөтүп чындыктарга Мекеним,
Чындык туусу түшпөс болгон колумдан
Бирок корком,
Санаа тартам —
Калпты сүйлөп,
Бирөөнү үндөп,
Кара ниет, эки жүздүү болуудан.

## ЧЫЛЫМЧЫНЫН АРМАНЫ

Айтсам достор ыймандай сыр — чынымды,
Бала кезден баштап түтүн чылымды.
Илдет алып, ийнеликтей арыктап,
Акыр мына айтып жатам муңумду.

Өбөм десем, жыттайм десем баламды,
Өрттөп кээде сагыныч жүрөк санаамды,
«Оозуң сасык, кет ары» деп качат ал,
Чукуп менде көптөн бүткөн жарамды.

Чылым кургур эске түшкөн кезинде,
Күндүз, түнү, кечте, түштө, бешимде.
Адат болду шашып издеп кетемин,
Иш милдети турса деле сезимде.

Ай, курбулар, ичте толгон арманым,
Агын суудай кетти толгон дарманым.
Аясаңчы өпкө-бооруң, нервиң деп,
Айтып калат арман кылып алганым.

Келсем үйгө кээде сумка көтөрүп,
Күш-күш этип дене боюм эки өлүк.
Кайсы жерде чылым жыты бур этсе,
Ыкшый берем тыным албай жөтөлүп.

Чылым чекпей жүргөндөр көп саламат,
Чырмады го «чылым» деген алаамат.
Салааларым бур деп жыты саргарып,
Көңдөй колко көө сүрткөндөй карарат.

Чындыгында чылым дартка чыланып,
Көнгөн адат көп мезгилге уланып.
Өпкө калбыр, жүрөк алсыз көөдөндө,
Араң жүрөм кетүүчүдөй куланып.

Никотинн ууландырып денемди,
Ыштык кылдым үйдө балдар, энемди.
Ыплас жыттан качат чыны адамдар,
Көргөн кезде мендей «чеккич беренди».

Айтсам достор, ыймандай сыр — чынымды,
Бала кезден «балдай» татып чылымды.
Илдет алып ийнеликтей арыктап,
Акыр мына айтып жатам сырымды...

## ТУУГАНЫМА

Тикен саят, тикен колго алгыс да
Жалгыз дарак токой болбойт, жалгыз да.
Алк агытып элдик мүлккө кол салган,
Акыр калат адам өлөр каргышка.

Ай тууганым, алганыңа ыраазы,
Болуп дайым өмүр жибиң улачы,
Топук тилеп ак иш жасап өткөндүн,
Жетип жатат асманына кулачы.



Чалкан чагат уусу тийсе денеге,
Өңүң азат өчүп жаркын делебе.
Кызык болбой кылым бойлор турмушуң,
Кыйрап калат үй тургузган кереге.

Ай тууганым, болбой анын сыңары,
Бутак жайсын турмушуңдун чынары.
Таза, тунук агып турсун булганбай.
Жарык чачып мекениңдин булагы.

Жок эмес бар, сагызгандай сугалак,
Сай-сайлардан тарп аңдыган кубалап.
Уят-сыйын сатып сокур тыйынга,
Көөдөнүңдө жөргөмүш тор уялап.

А тууганым, жолотпо анын караанын,
Таза болуп өмүр-тарых барагың.
Жаркын максат коштоп турсун канатың,
Жарык болуп эки бетте анарың.

## ООЗУ КҮЙДҮ

Сууну ылайлап түз аккан,
Тартты өмүргө тузактан.
Жакшылыкка ор казып,
Жалган кебин узаткан.
Бирок, акыр чок басып,
Оңкош атты өзү да,
Оозу күйүп ушактан...

## БЕШ ӨРДӨГҮН УЧУРУП...

Мынакей бүттү деп коюп,
Күндө эртеңди чек коюп
Калп сүйлөсө Капсалаң,
Бүт ыйманын жеп коюп

Беш өрдөгүн учуруп,
Белесте көлдөн таппаган,
Бирге жашап келатат,
Биздин ошол Капсалаң...

## ЭКИ ЖҮЗДҮҮНҮН «ӨНӨРҮ»

Салмагың тоодой сенин деп,
Сары алтын айткан кебиң деп.
Көлөкөң турса айланып,
Көйкөлгөн ырыс көлүм деп.
Көзүң жок жерде ал шайтан,
Көө сыйпап кетет желимдеп.

## МОНЧОНУН АРМАНЫ

Эскирип бүтүп калганда,
Эх, баттым тереӊ арманга.
Карк күлкү болдум өзгөчө,
Карыган кемпир-чалдарга.
Карачы шыбын түшөт деп,
Карашып төбөм күзөттөп.
Мончого келсе каткырат,
Мончоктой кыздар, балдар да!

Кай бирде ысык буусу жок,
Кай бирде ысык суусу жок.
Өмүрү мончо болгону,
Өтпөдү наалат, чуусу жок.

Жар башы болуп турагым,
Жарылды дубал, краным,
Тоо суугa барып кошулат,
Топтолгон жаман сууларым,
Эстесем жүрөк, ич күйөт,



Эл ичсе эмне кыларын...
Жамандык деген жатабы,
Мончонун ырбап чатагы,
Ремонтко деген акчаны,
Жеп алып Телтай, Асаны.
Кармалып акыр түрмөдө,
Кайнабай калды казаны...

## КИТЕПКАНАНЫН МОНОЛОГУ

Кара кулпу кайтарып,
Кайратым менин майтарып.
Жабыркап барат жан дүйнөм,
Көзүмдөн кызыл кан тамып.

Балкыбай бакыт өмүрүм,
Сырларым дайра-көк ирим.
Чарчаттым окшойт далайдын,
Чалкытпай жарык көңүлүн.

Жабылып турса эшигим,
Жалкоолук болуп кесибим.
Деңиздей толкун өнөрдүн.
Терметем кантип бешигин...

Башкарып Көкөй, Ширин,
Болсочу адис билими.
Булганыч кармап баарынан,
Бузду бейм менин түрүмү.

Айтматов жазган «Жамийла»,
Тоо, талаа повесть да кыйла...
Баялинов десе автору,
Батканмын тереӊ кайгыга.

Күйөөсү анын башкарма,
Кол тийбейт мени ачканга.
Кор болом кээде түнөрүп,
Конокту көздөй шашканда...

Желе-тор ээлеп төрүмдү,
Китептер ойго чөмүлдү.
Саргайып бүткүл дене-бой,
Чаң басып барат өңүмдү.



# ПОЭМАЛАР

## ЭКИ ЖООКЕРДИН МОНОЛОГУ

«...Улуу Ата Мекендик согуштагы Советтик жоокерлердин теңдешсиз тарыхый эрдиги кылымдан кылымга, муундан муунга өтүп жашай берет...» (Жеңиш аянтындагы жазуудан).

Жаз гүл желек, жыпар аба,
Күү жаңырып шаарымда.
Жүрүш жасап балдар келген,
Жаңы эстелик жанында.
Түбөлүк от алоолонот
Баатырдыкты белгилеп,
Жоокер өмүр ырга айланып,
Өчпөй жүрөк жадымда...

Жеткинчектер кыялданат,
Эстеп жоокер жолдорун.
Эрдик жеңиш, элдик жеңиш,
Бийлеп алган ойлорун,
Эки жоокер — эки эстелик
Ийнине бала кондуруп,
Бир керемет, сыйкыр дейсиң,
Автоматта колдорун...

Балдар карайт булут челген,
Эстеликтин бийигин.
Жоокер болсо чимирилтет,
Учкул ойдун ийигин.
Ал айткансыйт: — коргодук бек
Мекен чебин фашисттен,
Төп болсун деп ичер суун,
Жашоо күнүң, кийимиң...

Жагоочондор гүлүн коюп,
Таазим этип баятан.

Туулар ойноп, кептер учат,
Күн күлүңдөп карасаң...
Эстеликте эл күжүлдөйт,
Балдар да көп татына,
Бул күн шаңдуу парад дайра,
Агымында баратам...

О, энелер! Бакыт тилеп
Согушка уулун жөнөткөн:
«Кайратыңдан кагылайын,
Кайсы жырткыч келет тең?!»
Уулу айткан: «Уят кылбайм,
Келген жоону майтарып.
Жеңиш менен кайтам, апа,
Ата Журтка мен өскөн».

Мезгил аны ырастады
Жырткыч жолу буулуп,
Кыргыз жоокер кайтпай калды,
Көз жашка эне жуулуп.
Бирок, үмүт жиби үзүлбөй,
Өмүр таңы жаңырып,
Эне көөнү асмандады —
Небереси туулуп...

О, аталар! Тилек кылып,
Майданга уулун узаткан:
«Билем балам, өз колуңдан
Фашист кыйрап, кусат кан...»
А жаш жоокер күлүп-жайнап:
«Болот жеңиш биздики!
Гитлерчилер өлөт акыр
Өзү тарткан тузактан...»

Турмуш акыр ырастады —
гитлерчилер кыйрады.



Бирок, жоокер өмүр кыйып,
Ата жашын тыйбады.
Дайра толкуп ага берди,
Мезгил учуп зымырап.
Тоо шумкарын күтүп комуз,
Чертилген жок кылдары...

Эл толкундайт — майрам эле,
Гүлдүү майдын тогузу.
Эне-ата да мында келген:
«Соолгурдун согушу
Жалмабаса балабызды...
Укум-тукум чүрпө өсүп,
Үлпөт кетпей, аты өчпөй,
Бакка толмок конушу...»

Эстеликке келген элдин
Эч үзүлбөй катары,
Толкуйт улам кыймыл тынбай,
Агып кыймыл сапары...
Карт эненин,
Карт атанын
Кайтпай өрттөн эки уулу,
Катып калган таштa элеси,
Дүйнө жарып атагы...

Бирок, сыйкыр, жандуу болуп,
Таш эстелик күндөгү,
Чагылгандай тездик менен
Өзүнө тартып дүйнөнү.
Алоолоп жорткон,
Түбөлүк оттон
Кайталанып эки элес —
Эки жоокер бүт ааламга
Алмак-салмак сүйлөдү...

Байрак болуп сезиминде,
Жеңиш деген түшүнүк

Эрдик жолун мекен уулдун
Балдар эске түшүрүп.
Аңгемесин жоокерлердин
Угат сыйкыр сезилип
Улам кызык көңүл тарткан
Окуяга кезигип...

### БИРИНЧИ ЖООКЕР:

...Курскиде учкан таш да,
Оттуу күйүп чачырап,
Үй устундар, бак дарактар,
Күйүп жатты бачырап,
Немец танка оюп жерди,
Октой тешип үйлөрдү,
Биздин кыраан шерди көрсө,
Жолборс сымак качырат...

Кызгылт жүздүү... Үч жаш бөбөк,
Тегерек көз жайнаган,
Эркелесе энесине,
Булбул эле сайраган.
Көз жаш салаа ыйлап келет,
Үшүн алып коркунуч
Азыр эле апасы өлдү,
Ок, от бүркүп айланам...

Бала мына жалгыз калды,
Заманасы куурулуп,
Үйлөр күйгөн, урандылар...
Канга камыр жуурулуп.
Жеткинчектин жетимдигин,
Эстей калып шол замат,
Бир башкача боло түштүм,
Дүйнөм тарып, буулугуп...



Жети кабат жердин түбүн,
Бомба тийип аңтарып.
Асманга учат казан таштар,
Ажал шумдан жар салып.
Танк менен танк кагылышат,
Бир бирине сайылып,
Эгин бышчу кыртыш кызыл,
Дир-дир этип кан тамып...

Танк алдында чырпык бала,
Каларында тепселип.
Жетип бардым куштай илгир,
Астын-үстүн болуп жер.
Дене боюм экчелип.
Көктөн анда бомба түшүп,
Көз жумарда бала шондо
Калды терек теңселип...

Мен ыргыткан гранаттан,
Танка өрттөнүп жарылып,
Төрт фриц өлдү бизди көздөп
Ок атышкан жабылып...
Үч жаш чүрпө үч бөлүнүп,
Жалбырак болуп денеси,
Калды ошондо кулагымда
Ачуу таш үн жаңырык...

Мен отузда гүл турмушта,
Күлүп-ойноп жашадым.
Мекен коргоп келдим отко
Тартып согуш азабын...
А береги балгын бөбөк,
Жаткан мага жанаша.
Билди бекен жер үстүндө,
Үч гана жыл жашарын...

Жазыгы жок өлгөн бала,
Көз нуру өчкөн карачы,

Тирүү болсо дыйкан данга,
Толбойт беле салаасы?!
Майрам күндө маңдай жаркып,
Достор менен сырдашып.
Жаркын өмүр жаштыгына,
Жарашат эле калаасы...

Тирүү болсо суу чыгармак
Тоо гүлдөрү жайнамак...
Же асманда учкуч болуп,
Болот шумкар айдамак.
Же заводдо металл кесип,
Болот куюп эритип.
Эрдик жасап, жашоо күндө,
Эмгек отто кайнамак...

Жагалданып жагоо тагып,
Пионер көз жалында.
Жакшы жышаан ойноп турмак,
Жаштык мөлтүр чагында,
Эмгекте өнүп, мээрим төгүп,
Мекен бетин сулуулап,
Өрнөк күүсү жетелемек,
Өскөн журту — айылда...

Көө түндөргө жылдыз төшөп,
Бакыт отун жагызмак.
Тоону тешип, көлдү курмак,
Зоодон дайра агызмак,
Кыш күн жаздап,
Сырын ачмак
Төкмөк элге байлыгын,
Эчен кыйын туңгуюктар,
Болуп келген табышмак...

Өнөр жолдо арыш керип,
Сермеп алыс кулачты,



Же инженер, архитектор,
Же көздөмөк врачты...
Өмүр кыркып, үмүттү үзгөн,
Бейпил күндү кыйраткан,
Ким билиптир канкор залим,
Фашизмдей жыласты...

Кара ажыдар каптап кирип
Дан жыттанган талааны.
Ыргып кетти ак кайыктын,
Жаркылдаган калагы...
Өз колунан өмүр гүлдөп,
Өлбөс болуп сабагы.
Бутак жайып гүлүн төкмөк,
Тиричилик дарагы...

### ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Салгылашып Днепрде,
Азат кылып Чех жерин,
Эчен-эчен өрттүн, оттун
Бороондорун кечкемин.
Кара ниет желмогуздан
Далай жерди бошотуп,
Кызыл кыргын кармаштарда
Күн-түн белди чечпедим...

Кичи Фатра[1], Бийик Татра[1]
Чыйыр жолун аркалап.
Өттүк... Бирок ажал жалмап,
Ок, от чачат ар тарап.
Бийик кардуу чокулардан
Аштык кышта, аштык талбай.

[1] Чехословакиянын республикасындагы тоонун, жердин аттары.

Автоматты, бут жаракты,
Колубузга бек кармап.

Ичер суум ушул жерден
Бүтүп акыр токтогом.
Бирок, тынбай жанган жаагын
Автоматым октогон.
Айткен себеп: көп досторум
Маршыбызды улантып
Жат уюгун жапшыра тээп,
Өлүгүн дөңдөй топтогон.

Ала-Тоодо туулуп өсүп,
Мында жетти ажалым.
Тирүүлөргө айтып жатам.
Кан майдандын казалын.
Жер энеде, Ата Журтта
Азыр деле тирүүмүн,
Өс, өсө гой, айланайын
Асан, Үсөн, Апалым!..

Мен силерден угуп турам,
Элдин бийик дабышын,
Мен силерден туюп турам,
Элдин эрдик намысын
Мен силерден билип турам,
Адалдыкты, байлыкты,
Мен силерден сезип турам,
Мекен жүрөк кагышын...

Мен силерден көрүп турам,
Гүл жаштыгым өчпөгөн.
Мен силерден туюп турам,
Максатты күн көздөгөн...



БИРИНЧИ ЖООКЕР:

Үчүнчү күн... ок, от тынбай,
Жетимиш метр аралык.
Кадам жылсак жоо тарапка,
Чакырымдай саналып...
Эңшерилип таш, кум учуп,
Ыш жыттанып айлана
Аппак кар да эрип жатат,
Суу ордуна кан агып.

Желдеттер да жемин бербей,
Болуп өжөр туруктуу...
Баш көтөртпөй багынтсам деп,
Чачат өрттүү булутту.
Ок күү ойноп зуу-зуу этип,
Жамгырланат бир тынбай,
Боз топурак боздоп учат,
Аңтара атса туюкту.

Жетимиш метр өмүр-өлүм,
Бир бирине тик карап.
Орто жерде ок, от жанат,
Жер өңүрүн тытмалап.
Ыйлуу күндөн — азап күндөн,
Зордукчудан кан ичкич,
Чалкып терең суроо жатат:
— Кимди кимдер куткарат?!

Күн кылкылдап батып барат,
Күчкө келип биз тарап.
Жер менен бир жылсак алга
Жол бөгөйт жоо кысталак...
Бирок биздин шумкар достор,
Өлүм отун тебелеп,

Өңүт алып, кайрат жыйса,
Аба ок-дары жыттанат...

...Азап болду ар бир метр
Жерге жетүү аны алмак.
Жүрөк ойдо үйдү курчоо,
Аз да болсо кадамдап...
Мөндүр октор көз ачырбай,
Кайып учуп ызылдап.
Көбүн эсе биз тарапка,
Алып келет ажалды ак...

Бирок биздин барчын эрлер,
Чыдап учкан окко да.
Жалбырт этип жалын чачып,
Түшүп күйгөн чокко да.
Боору менен жылып алга,
Жер менен бир жер болуп.
Автоматтын жаагы тынбай,
Жоо каптаса топ жара.

Павлов үйү... Өрттө калган,
Биздер биринчи кабатта.
А немецтер экинчиде,
Ажал-от каш-кабакта.
Жылан сымак октор учуп,
Ар ким боюн жашырат.
Өксүп тилек, өчөт көз нур,
Өлүм жетип заматта.

Павлов үйү... Кармашуулар,
Ашып кетип суткадан.
Бетме-бетте найзалашуу,
Көөдөн жакты ыктаган...
Жылып барып аткыч Федя,
Автоматын сайратса,



Желмогуздай жети фашист,
Жерди сүзүп «уктаган»...

Жетимиш метр жер да үчүн,
Павлов турган үй үчүн.
Кандуу кармаш бир да тынбай,
Уланды бейм күнү-түн.
Ок түтүнү оболоп бийик,
«Хай Гитлер»! деп немецтер,
Кайталашат адат кылып,
Желдеттик күн сүрүшүн.

Саргыл жүздүү терчил Миша,
Айтчу дайым тамаша.
Илбирс сымак чебер бөгүп,
Дубалга нык жанаша.
Өңүт алып өйдө жылып,
Ок басылган тынымда,
Жеткен экен экинчиге,
Биздикилер караса...

Ошол замат автоматы,
Тилге кирип арбады.
Топ-топ болуп үйүгүшкөн,
Беш фрицти жайлады.
— Тизе бүгүп багынгыла,
Калдыңар деп курчоодо!
Андан ары жүрөгүн мыкчып,
Кетти бойдон дарманы...

Надзе барды, Нишан барды,
Үстүн аяр каранып.
Бирок, тынбай ок зуулдайт,
Ажал издеп жаланып.
Огу калбай тымтырс болуп,
Беш каракчы беш жерде,

Сороюшат кол көтөрүп,
Өлүм чоту саналып...

Павлов үйү... Өчүккөн жоо,
Эгештерде кайралган.
Кан, ыш жыты... Жана түтүн,
Эски үңкүргө айланган.
...«Багындык» деп кейпи кеткен,
Чыгып сыртка желдеттер,
Баш шылкыйып, ындын өчкөн,
Колдор артка байланган...

### ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Апаат кездин пейлиненби —
Таң караңгы түнөрүп.
Жаз мээринен бажырайып,
Ачыла албайт гүл, өрүк...
Кум, сел чайкап кеткен сымак,
Изи такыр көрүнбөйт
Кыз, жигиттин сырдашканы
Ак кайыңга сүйөнүп...

Көкүрөккө түшүп жатат,
Көргөн азап тактары.
Апааттардын азабыбы
Арман айыл каттары...
Мен да бүгүн бир кайрылып,
Сагыныч отун себейин.
Сүйгөнүм жазган көп каттардын
Бирөөн окуп берейин...

«...Кайрылыш алды карагат,
Кар түшсө суусу шар агат.
Калыңдап чыккан шиберди,



Кайберен оттоп жаланат.
Каңтарып жоону келээрсиң,
Кадырлаш, жүргүн саламат...

Эңкейиш алды карагат,
Эриген суулар шар агат.
Эңкейип чыккан шиберди,
Эликтер оттоп жаланат.
Эрдикте жоону жеңип кел,
Эреним ,болуп саламат...»

Ушул саптар — ушул каттар,
Даңк музейде сакталуу.
Өз кезеги, өз күнүндө,
Өз үлүшүн актады.
Арсыз жоонун жолун бөгөп,
Канды кечип кармашкан,
Эрдиктерге үмүт улап,
Эрдик канат какты ары...

### БИРИНЧИ ЖООКЕР:

Кан ичерлер Пирчюписте[1]
Кыштак элин жыйнады.
Үй мүлк, оокат, жууркан-төшөк,
Үймөк кылып кырдады.
Түок, торопой, музоолуу уй,
Мөөрөп көзүн жайнатса,
Кыт-кыт күлөт наадан фашист,
Кароолдогу кырдагы.

[1] Фашисттик желдеттер Литва республикасында 1944-жылдын 3-июнунда партизандарга жардам бергендиги үчүн Пирчюпис кыштагындагы элди бүтүндөй мал-мүлкү менен күлгө айлантып жиберген. Кийин бул жерде өлгөндөргө арналып эстелик комплекси курулган.

Айлана бек, бийик дубал,
Анан зымдар тикенек.
Кээ бир эне: — Баламды атпа!
Мени өлтүр!— дейт, тизелеп.
Ымыркай ыйлап, эчки маарайт,
Бук болгонсуйт, камыккансыйт,
Тордо жылкы кишенеп...

Атат улам арсыз фашист,
Каршылык болсо кенедей,
Бирок эл да кайрат кылып,
Бекем турду кенебей...
— Багынбайбыз, адилет бизде,
Акыр жеңет СССР.
Мекен, журтта бакыт жанып,
Тегиз болот телегей!

— Өрттөгүлө! Буйрук берди...
Немец майор чаңырып.
А фрицтер от коюп жатты,
Малга, мүлккө жабылып...
Анан мына туткун элге
Өрт жалынын албыртып
Пирчюпис эне канга батты,
Жер кыйноодон жарылып...

Мал да өрттө, адам өрттө,
Түтүн жутуп тумчугуп.
— Ой жан апа!.. О жан балам!..
Онтологон үн чыгып.
Жан талашып сыртка качкан
Жамгыр окко жан берип
Куйкаланып уй секирсе,
Генрих карайт мурчуюп...



Өжөрлөнсө кээ бирөөлөр,
Өрттүү киймин чечинип,
Четке чыкса алоо болуп,
«Тирүү арбактай» сезилип.
Коркуп «СС»: — Аткыла! — деп,
Айгай салат бакырып
Жан жерине найза ургандай,
Бүргө болуп секирип...

Жалында калган адамдарга,
Эч көрүнбөй айлана.
Кара кочкул булут агат,
Батыш жакка жай гана.
Көз каректи ачып, ачпай,
Көк түтүнгө думугуп,
Ермак, Люба суурулушат,
Жоо турса да жарданып...

Пирчюписте эки ак сүйүү,
Жашап жери, эл менен.
Жеңиш үчүн жанын үрөп,
Жоого намыс бербеген.
Жаштык күчтү уюштуруп,
Фашист менен кармашып,
Мына бүгүн бирге өлмөкчү,
Эң акыркы дем менен!

Бийик курчоо — бийик дубал,
Кара морго айланып.
Каңырсыган кан-жыт, түтүн,
Түпкүч сымак байланып.
Жабыркаган жан төрт чарчы,
Болуп улам чала өлүк,
Үмүт ойнойт мүрт кетсем деп,
Тагдырына зарланып...

— Жаным Люба, кайрат кылып,
Турчу мага сүйөнүп.
Дене күйүп күл болсо да,
Дилибиз бир түбөлүк!
Намыс сактап, тузду актап,
Мекен үчүн жан берүү,
Биздерге ыйык, билсең мына,
Баскан изден гүл өнүп!

Каракчылар адамдарды,
Тирүүлөй жагып өрттөдү.
Күн да күбө, Ай да күбө
Ак сүт чачкан көктөгү.
— Гитлерге өлүм, жеңиш бизде!
...Удай татып ушул сөз,
Канкор огу жалмады экөөн,
Жарым секунд өтпөдү...

— Апа! Ата! Эжекебай!
Калдым чок өрт алоодо.
Жан кыялбай ар ким онтоп,
Таза абаны самоодо.
Чарт-чурт этип чачтар күйүп,
Каңырсыган жыт бурап,
Алаамат күн, муң күү ойноит,
Тикенек зым камоодо...

Экинчи ирет бензин чачса,
Автомат да атылып,
Каршы-терши түйдөктөлөт,
Мал, жан каны чачылып...
Албуут жалын айланага,
Көөдөй боёк сүрткүлөп,
Каракчылык... адамды эмес,
Чымынды алыс качырып...



Пирчюпис айлы... Кыбыр жан жок,
Каарын жанып мостоёт.
Гүл жайнаткан талаа түздөр,
Толкун чайпап козголот.
Ажалга кетчү фрицтердей,
Өлүк жытын пааналап,
Кайдан-жайдан карга-кузгун,
Учуп, ойноп оштонот...

Өмүр тилеп, өнүп турган,
Өргө айланып калың бак,
Бала күйдү, эне күйдү,
Эгин күйдү жалындап.
Кыштак ичи бир жан калбай,
Күлгө айланып сөөгү да.
Пирчюпис эне көзүн жаштап,
Ыйлап жатты заңылдап...

Ал ыйласа асман ыйлайт,
Деңиз сүрдүү чайпалат.
Жердештердин көздөрүнөн,
Көз жаш эмес, кан тамат.
Өмүрлөрдү кайгы баскан,
Күчөп ичте муң-арман,
Өткөн согуш бүтпөс кайгы,
Кетти баарын талкалап.

Гитлерчилер кез болуп акыр,
«Токойчулар тобуна».
Түштү баары ок жеп өлүп,
Партизандар торуна.
Туткун болуп барды өздөрү,
Кейпи кетип көөлөнүп,
Бийик дубал, тикенек зым.
«Өлүмдүү өрт ооруга...»

**ЭКИНЧИ ЖООКЕР:**

Коркоо фашист ылгабастан,
Сулуусун же нерисин.
Кайыш кылган сыйрып алып,
Адамдардын терисин.
Эх, желмогуз, азыр дагы
Кыжыр кайнайт, дил түтөйт.
Жер бетинен казгын келет,
Фашизмдин мөөр изин.

Көзүм менен көрүп баарын,
Жүрөк сыздап кейигем.
Кармаш, күрөш, атакада,
Кан дүрт этип теримен,
Кара ниет каракчыга
Бүлүк салган дүйнөгө.
Кагылайын, Ата Журтум,
Калтыра албайм сени мен

Беттеп бардым,
Оттой жандым!
Сезбей жоонун окторун.
Көпкө ойноду пулемётто,
Кек чеңгелдеп кош колум.
Көрдүм далай барчындардын,
Ажал чачкан ДЗОТторго
Жалтанбастан каршы барып,
Көкүрөгүн тосконун...

Тагдыр мени алып келди,
Балтикага, Вильнюска.
Коркоо менен салгылашты,
Чер токойдо кыргыз да.
Эл өмүрүн дастан кылган,
Тракайда көп жүрүп,
Партизандын көрдүм мындан,
Өлбөс ишин миң нуска...



Луке[1], Гальбе[2] аралдардын
Түнөк кылып камышын.
Тил кармадык илбирс болуп,
Дым чыгарбай дабышын.
Тракайдын токоюнда
Жолун тороп душмандын,
Ок жардырып, от жаадырып,
Кестик кандуу арышын.

Дунай дайра, Тисса дайра,
Ортосунда Кечкемет[3].
Бүгүн сени курман болгон,
Бир жоокерин эскерет.
Сенде калып душман кууган,
Баатыр таман изderим.
Бүгүн кайра канат жайган,
Күмүш шаарга кез келет...

Бул аймакта мен да болдум,
Кан аралаш кар бастык.
Өрт талаада октор учуп,
Өкүм сүрдү тайбастык.
Румын жерин таштап фашист,
Өз үйүгүн пааналап.
Жаткан кезде бар күч жумшап,
Жан аябай кармаштык.

Ушул жерден ок жаңылып,
Аңтарылды асманым.
Басты мени түбөлүккө,
Байкалбаган таш жалын.
Эгер турист, келип мында,
Таш эстеликти окусаң,

---

[1]—[2] Литвадагы аралардар.
[3] Шаар.

Табасың көп тааныш болгон,
Жердешиңдин аттарын...

Мен да бармын. Окуп байка,
Уулумун чоң Нарындын.
Эл, жеримде жарык нуру,
Жоого төккөн канымдын.
Эх, чиркин ай, чынымды айтсам,
Сырымды айтсам жашырбай,
Ысык-Көлдү, тоо абасын,
Тоо булагын сагындым...

**БИРИНЧИ ЖООКЕР:**

Волга, жоодон толкундарың,
Кызыл канга боёлгон.
Бирок аны кууп алыс,
Күчүң жоодо торолгон.
Гитараңда күүң ойноп,
Күн элесин жаркытып,
Волга акыр мээрим төгүп,
Жылдыз нурга оронгон...

Фашист келсе багынтам деп,
берген жоксуң кечмелик.
Фюрер өзү күлкү болду,
Кыйроо, өлүмгө кез келип...
Башатында мөл тамчылар,
Жоодо ууга айланып,
Жырткыч кыйрап сыйкыр болдуң,
Эрдигиң эл эскерип...

Волга, сени нечен канкор,
Багынтам деп ойлогон.
Кээде ошентип тереңинде,
Кара ажыдар бойлогон.



Бирок аны серпип алыс,
Күн шооласын тартуулап,
Бирдик күткөн толкунунда,
Достук күүлөр ойногон.

Көргөм далай пароходдо,
Курал жүгүң тирелген,
Тилеп турдуң жоокерлерден:
— Кайтпа кайрат жигерден.
Өзү келген каракчыны,
Сүрүп сулуу мекенден.
Туусун өрттөп өч алгыла,
Үмүт кылам силерден!

— Волга эне, кам санаба,
Ой-тилегиң акталат.
Биздин согуш, биздин күрөш,
Адилет иш, актан ак.
Фашизмдин бүлүк салган,
Кандуу жолу, кырсыгы.
Жеңишти алган Жер Эненин,
Жүрөгүндө сакталат.

Бийик-бийик имараттар,
Кызыл кирпич тамыңды,
Жексур фашист бомба таштап,
Бузду мекен шагыңды...
Ыйык Волга, улуу Волга
Ошол күрөш майданда,
Келген жоону таптап жерге,
Төктүң кайтпас каарыңды.

Өлдү кары, өлдү бала,
Кыз-жигит күн көрбөдү,
Тынч алалбай эне Волга,
Тирликте мөгдөдү...

Кечирсе да өз башынан,
Далай азап-мундарды,
Эзел мындай кордук-зордук,
Жырткычтыкты көрбөдү...

Волга дайра ыйлап акса,
Жошолонуп жондору.
Калтыраса энекемдин,
Кат кармаган колдору.
Жол караса көзүн албай,
Жеңем кара жамынып,
Сар санаага батса терең,
Учкул, тунук ойлору.

Калыбына келди кайра
Жердин жашыл бактары.
Калыбына келди кайра
Көбөйүп шаар аттары.
Бирок достор, туугандарым,
Калыбына келе элек.
Фашизмдин дүйнө элине,
Салган жараат тактары.

Азаптуу өтсө согуш күндө,
Сталинград күндөрү.
Көргө айланса Варшаванын,
Жарык шоола күндөрү.
Кавказ тоолор кара кийип,
Чачын шамал сапырып,
Танк алдында тебеленсе,
Минскинин гүлдөрү...

Калыбына келди кайра,
Жабыр чеккен калаалар.
Калыбына келди кайра,
Жашыл тартып талаалар.



Бирок тууган, сапарлаштар!
Калыбына келе элек.
Канкор фашист темгил салган,
Жүрөктөгү жаралар...

ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Сталинград... Өрттүү калаа,
Жоо мизи кайткан кезенде.
Ганс аттууну туткун кылып,
Кармап терең өзөндө.
Окуп көрсөк үйүнө жазган,
Бир кат сырын мындай дейт:
«...Согуш деген зил оорунун,
Кереги эмне бечелге...

Гитлерчилер, биз жулунуп,
Адилетсиз согушка.
Шермендебиз чыкты белем,
СССРдей конушта.
Айтсам мына, акыр бизди,
Ажал өлүм сермеди.
Азыр мына күн шооласы
Күн кабактуу оруста...

Совет эли — ыйык жери,
Тосуп болот калканын.
Чындыкты издеп таймаш кылса,
Чыкты бейм таш талканым...
Талап, кырып таалай шаарын,
Өрттөдүк эле жулунуп.
Билдик акыр фашизмдин,
Кордук күнөө тартканын.

Болот калкан болду шаары,
Жоого жолун бербеди.

Болот калкан болду айылы,
Жеңишке кол сермеди.
Болот калкан болду суусу,
Бийик дөбө, тоолору.
Болот калкан болду жели,
Таштар, түркүн кендери...

Тарых айтып, урпак сүйлөп,
Элегинен өткөрдү.
Адам аттуу билип бизди,
Жийиркенип жек көрдү.
Асманында совет элдин,
Айланып учуп ак кептер,
Аалам дүйнө СССРдин,
Адилет ишин төп көрдү.

Каргыш бизге, гитлерчиге,
Кутурган итче жойлогон.
Каргыш бизге, канжар тиштеп,
От ажалда ойногон.
Тирүүлүккө, тынчтык ырга,
Жан жүрөктөн суктанып,
Тирүүлүктө адамдарча,
Жашоону эми ойлоном...»

### БИРИНЧИ ЖООКЕР:

Жамгыр-жамгыр... анан мөндүр,
тулаң чөптү жапырат.
Кээ бир жерге бомба түшүп,
Көккө турпак сапырат.
Табийгат да таарынгандай,
Мүшкүл тартып туш тарап.
Анан барып кабак ачат,
Күн мээримин тартуулап...



Ак жамгырдан азем кыртыш,
Балчык болуп эзилип.
От бомбадан Жер эненин,
Бир капшыты тешилип.
Мөгдөп турса күндү көздөп,
Каргыш айтып фашистке.
Сырын айтты жарадар маа,
Чын пейилден чечилип...

«...Өзүң көрдүң жамгыр тынбай,
Мына акыр басылды.
Булут кетип күн шооласы,
Ай-ааламга чачылды.
Эх, адамзат! Бириңди бириң.
Кырып-жоюп жазыксыз,
Ажал бомба, аткан огуң,
Кана, качан басылды?!

Мөндүр болуп, мүшкүл болуп,
Ок, от көздү ачырбай.
Жер эненин канга жуулду,
Кенен койну жашыл, бай.
Бейпил күндө жашап эркин,
Чүрпөлөрүң өстүрүп.
О, адамзат! Колуңду кармаш,
Бириңди бириң качырбай.

Ырас, билем, жырткыч фашист,
Куйкалап жер тамырын.
Тосту белем мээрим тийген,
Күндүн ыйык жарыгын.
Жок, антелбайт. Дүйнө билет,
Адилеттик күч жеңет,
Бүгүн мына фашизмге,
Коюп күнөө айыбын...»

ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Жер алдында денем жатат,
Эстеп элим тирүүмүн.
Жарык турмуш жашоолорго,
Арткан таңы сүйүүмдүн.
Эй, азамат, тааный билгин,
Окту эңсеген жырткыч бар,
Сактап калгын андай жоодон,
Таттуу уйкусун күнүңдүн.

Фашизмден калган адат
өнөкөт дарт айыкпас.
Жолун бөгөп жогот нары,
Жоокер уул талыкпас.
Сактап калгын жер байлыгын,
Бакыт чачар өмүрдү.
Бейпил күндөн мөмө төгөр,
Гүл жайнатар алып жаз!

Эмнеге эле жер дүңгүрөйт,
Же нookастап капабы?!
Эмнеге эле калч-калч этет,
Жер титиреп жатабы?!
Кулак тунган бир сызык үн,
Тынчын алат сезимдин,
Табышмактуу болуп улам
Башы адамдын катабы?!

Ал ядро-атом бомба,
Жер энени курутчу.
Жандыктарды күлгө айлантып,
Жашоо күнгө куруп чуу.
Андайларга тыюу салып,
Ак ниеттүү адамзат,
Кездер келди мына көрчү,
Согуш отун унутчу...



БИРИНЧИ ЖООКЕР:

Силер менен бирге барам,
Майрам, эмгек тойлорго.
Сиңип калган ишим, дилим,
Акылман сөз, ойлорго.
Күлүп-жаркыйм, күүгө батып,
Кайра жаңы төрөлөм.
Кыз, жигиттер «Эстелик» деп,
Кызыл гүлүн койгондо.

Унутулбай баскан изим,
Жаркып турган үйүмдөн.
Неберемди көрдүм бүгүн,
Эмгекке жеӊ түрүнгөн.
Ай, акындар, дастан кылгын,
Жоокер жолун, өмүрүн.
Ырлар агат дайра болуп,
Жан дүйнөңдөн, дилиңден.

ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Жыйырма миллион жарык жылдыз,
Жер алдында көмүлдү.
Бирок алар он эселеп,
Алды жоодон кегимди.
Жыйырма миллион жыйнап күчүн,
Кайра жаңы жаралып.
Ашты бүгүн, ашып жатат,
Ай бүлөгөн белиңди.

Үмүт жибин үзүп согуш,
Балдар калды төрөлбөй.
Үмүт жибин үзүп согуш,
Талаа турду көгөрбөй.

Абам калды арман кылып,
Канды кечип батышта.
Небересин жоргосуна,
Эркелетип өңөрбөй.

Жыйырма миллион кечээ жоодо,
Айрып жылан жаагыңды,
Жыйырма миллион бүгүн элде,
Куруп жаңы шаарымды.
Элестери эстен кетпей,
Эмгек этип келатат.
Доор сүйүп, доор даңктап,
Татып бирге даамыңды.

БИРИНЧИ ЖООКЕР:

Отко айланып,
Ташка айланып калсак дагы,
Тирүү тулку денебиз.
Ала-Тоодо силер менен,
Бирге жашап келебиз.
Заводдо иштеп, илимде озуп,
Малды багып, бак тигип.
Эмгектенген эл менен бир,
Эрдик кылдык ченегис.

Туyга айланып,
Нурга айланып калсак дагы,
Шейит жапжаш денебиз.
Мөрөйдү ээлеп келатабыз,
Болсо мелдеш — эр эниш.
Асманда учуп, БАМды куруп
Келечекке колду сунуп,
Жер энеге тынчтык тилеп,
Тынчтык көркүн беребиз.



Биздин колдор Айда, Күндө,
Океандын түбүндө.
Биздин ойлор кең ааламда,
О, тирүүлөр, түңүлбө!
Таң калтырып континентти,
Таңдын нурун жайнатып,
Тартуу кылып тынчтык күндү,
О, тирүүлөр, кулүндө.

ЭКИНЧИ ЖООКЕР:

Биздин максат: жаз жаратып,
Жаштык берүү өмүргө.
Атомчунун алкын бууп,
Ойрон оюн төгүндөө.
Таң калтырып дүйнөнү бүт,
Тынчтык дейбиз билек түрүп.
Согуш үнү угулбасын,
Ала-Тоонун төрүндө.

Жоголсунчу жамандыктар,
Денди баскан калтырак.
Өчпөсүнчү күйүп турган,
Өмүр күнүң — шам чырак.
Эй, аалам Журт, күчүң үрөп,
Колдо, тынчтык тууңду.
Тирек болуп Жер энеге,
СССРдей таң турат.

Андан дайым кубат алган,
Иши болот оңунда.
Чырпык сайсаң токой болуп,
Бакыт ойнойт жолуңда.
Кана эмесе, кел, катарга,
Тынчтык күндүн чеби бол,
Ленин берген байрагыңды,
Жаркылдатып колуңда!

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Кош бол, эми эл-журтубуз,
Уул-кыздар, сагынган.
Жоо бетинде оттой жандык,
Бүтүп өчпөс жалындан.
Коргоп калдык балалыкты,
Фашизмдин торунан,
Биз жөнөкөй элдик жоокер,
Чыккан тоолуу айылдан.

Кош бол, тентек балалыктар,
Жашыл сайда ойногон.
Уусун чачкан кас душмандан,
Уулдарың коргогон.
Келечекте чыгат дагы,
Журт байрагын колго алар.
Сүйкүм жүздүү, эр мүнөздүү,
Жигиттериң ондогон...

Кош бол, жайлоо, көп курбулар,
Көпөлөктөр кырдагы.
Кош бол, арча, жаштык күндөр,
Бал сезимдин ырлары.
Эсте турат дайра суулар,
Чабак уруп ойногон.
Эсте турат чабалекей,
Конгон түркүк зымдары.

Баятадан баян курган,
Катарлаштар сабында.
Эки жоокер элеси турду,
Түбөлүк от жалында.
Өрнөк иши, өрнөк жолу,
Жан дүйнөсү, турмушу,
Ойноктоду ар кимдердин,
Ой, сезими, канында!



## АРАШАН-БУЛАК

### I

Жылкылар туяк жапырып,
Бука, өгүз жерди сапырып.
Уй мөөрөп, эчки, улактар,
Кандайдыр ичтей ачылып.

Жер эне айтып жардыгын,
Жер дүйнө эркке зардыгын.
Таарынса кээде ушинтип,
Табийгат силкет «сандыгын»...

Титиреп тоолор, таш кулап,
Көргөндө көздөн жаш кулап.
Колтукка бирөө ургансыйт,
Колуңдан ичер аш кулап.

Канаттуу калкып абада,
Чайпалып кымыз сабада.
Ит улуп, жылан ийиндеп,
Атылып чыкты талаага...

Чыңырып кулун желеде,
Көз оту жондо — энеде.
Уюгун таштап кумурска,
Умтулат жылгын, чегеге.

Термелип терек абада,
Суурулуп тамыр жана да.
Чарт этип кыртыш жарылып,
Чаң уюп чалкар талаада.

Түбүнөн зор күч түртүлүп,
Алоо от болуп бүркүлүп.
Жеталбай ага кубаты,
Жер эне жатты силкинип.

Дайралар тайып нугунан,
Жан кетип аркар, бугудан.
Жарылган ар бир тилкеден,
Жапайы үн чыкты улуган.

Аскалар жаткан күрсүйүп,
Абага кетти бүркүлүп.
Жыбырап чаңга айланды,
Жылдызга барып бир тийип.

Ойлонбой пенде тагдырын,
Ойрондоп бир күн бардыгын.
Атылып чыкты ошентип,
Жаткан күч жерде сан кылым.

Созулду бекен бир мүнөт,
Бул апаат анда ким билет.
Ажайып тынчтык башталып,
Ак тоолор калды үргүлөп...

II

Жашыл төр кайра жасанып,
Жаз келди далай жашарып.
Аскалар аны унутту,
Асманга турган маталып.

Сүйлөнүп калды баяны,
Кез-кезде гана аялуу.
Туптунук мезгил башталды,
Турмуштун жок да аягы!



Ажайып үнү шылдырап,
Ал күндөн мукам үн курап.
Ак жайык тоонун түбүнөн,
Атылып чыкты бир булак.

Көз жоосун алган карасаң,
Көргөндүн баары ага таң.
Жанында муздак булактын,
Көлкүлдөйт да бир арашан.

Ыйык деп булак — атылды,
Акбайлар тигип чатырды.
Түмөндөп малдар союлуп,
Түлөөгө элди чакырды.

Ак үйлүү байлар ашы бай,
Алыстан сууну ташыбай.
«А кудай бизге берди» деп,
Аз-аздан атып насыбай,
Айрыкча демдүү күч алып,
Алланы алкайт Ажыбай!

Ичинде арам сыр уюп,
Имере тиктеп кылыйып.
«Аллага» болуп ыраазы,
Акыры ичтен мулуюп.
Таптым дейт кенди байлыкты,
Тагдырга чексиз сыйынып.

Колдору кычы, эти кир,
Боз бала турат четте бир.
Чарбасын байдын иреттеп,
Чакырсаң аты — Бектемир.

Жаз баары жайып көктөмүн,
Жаркырап шоола көктө күн.

Жагалмай болуп күлүк жел,
Жактырат жортуп өткөнүн.

Айлана кийип жашылды,
Ааламга чачып атырды.
Турганда бир күн Ажыбай,
Бектемир кел, деп чакырды.

— Кел уулум, тыңсың, Бектемир,
Сүйлөгүн кана, кепке кир.
— Сүйлөсөм байым көз ачты,
Сүйүнчү! Булак четте бир.

— Айтайын байым угуңуз,
Аябай байкап туруңуз.
Мүргүгөн жанды тургузган,
Мүрөкпү деймин мунубуз.

Оргуштап булак көбүрөт,
Кесеге куйсаң төгүлөт.
Кесел жан ичсе айыккан
Керемет күч бар көрүнөт.

Айтайын кызык кабарды,
Кечээ мен барып таң алды,
Чайкаган элем булакка,
Колума чыккан жарамды.

Тынч уктап кечээ түнү бүт,
Карасам бүгүн үңүлүп,
Кайгырткан мени жара жок
Калыптыр баары күбүлүп.

Дарыбы ,суубу, булакпы,
Түрөбүз ага кулакты.
Жутканда суусун кандырган,
Беркисен кымыз сыяктуу,





Айтканын угуп баланын,
Булактын сезип кабарын,
Кандайдыр ойго батып бай,
— Улагын деди аягын...

— Айтарым анда мен эми,
Көрүшсүн муну эл эми.
Ак тоодо эки булактын
Адамга тийсин керегн.

Ажыбай анда акыйып,
Айтпастан бир сыр жашырып...
— Бектемир жүр деп ээрчитип,
Булакка барды жашынып.

Көрсөтпөй аны эч кимге,
Көрмөккө келди кеч түндө.
Ак булак шылдыр үн катат,
Айтып сыр түнкү мезгилге.

Сызылып күмүш жылтырап,
Сызмадай элес тартуулап.
Бук болуп көктө алтын Ай
Булакта барат калтырап.

— Бектемир эми кел мында,
Жыйылар эртең эл мында.
Жарыя кылып чыгасың,
Мына бул сырды сен мында:

Аллага иши акпы де
Ажыбай муну ачты де.
Жалпы журт уккун сүйүнүп,
Жаратка дары тапты де.

Алласы өзү көрдү де,
Ажыкең баарын жеңди де.

Кудайга ыйлап жалынса
Ушундай булак берди де.

Ажыкем көз жаш төктү де,
Сыйынып ташты өптү де.
Кара таш сүйлөп адамча,
Касиет берип кетти де.
Ушунун баары кечээ күн
Көз алдымда өттү де.

Жарыя кылгын, чуу кылгын,
Атымды айтып туу кылгын.
Жарасы бар бирөөнү
Жакшылап буга жуудургун.

Айтканды эртең бүтүргүн,
Ар жагын сөздүн түшүнгүн.
Көрүшсүн мүрөк өкенин
Дарты бар жанга ичиргин.

Айтамын эртең калганын,
Жакшы жат эми бар дагын...
Булакты мага буюрган
Буйругу, уулум, алланын.

Ажынын билип амалын,—
Булактан байлык аларын,—
Бектемир турду кызарып,
Бетине чыгып каны анын.

Токтотуп бир аз акылын,
Коргоого булак — жакынын.
— Ажыке муну укчу — деп,
Баштады сөзүн акырын.

— Бир нерсе ойноит канымда,
Бир сөз бар айтаар жадымда.





Жалганды кантип элге айтам,
Сезимде чындык барында.

Оорудан кордук көп көрүп,
Канча ирет көз жаш төкпөдүк.
Кыргызга жалган айткапча,
Кеткеним жакшы өрттөнүп.

Өмүрүм жаңы жаралып,
Келаткан кезде агарып.
Калп айтсам кудай алдында,
Кетпейби бетим карарып.

Чындыкты кантип бурамын,
Түшүнбөй буга турамын.
Тоолукка кантип сатамын,
Тоолорун, дары булагын.

Укканда сөзүн баланын,
Ажыбай таппай амалын.
Көрөсүң анда эртең деп
Көзүнө чыкты каны анын.

Бектемир таңдан байланып,
Камчы жеп, эси ооп, сандалып.
Ажыбай жаткан өргөөгө
Жигиттер барды аны алып.

Ажыбай аны сабатты,
Денеден жошо кан акты.
Азабы бүтпөс бул дүйнө,
Күүгүмдөп ага баратты.

Санына чылбыр салынды,
Жонуна камчы чабылды.
Көөдөндү өрттөп өкүнүч,
Көзүнөн жашы агылды.

Жанына батып казабы,
Ушинтип алды жазаны.
Чыркырап минтип кыйналуу,—
Чындыктын эле азабы.

Турса да мыкчып күйүтү,
Жалындап элге сүйүүсү.
Жалп этип өчүп калган жок,
Жашоого болгон үмүтү.

Урганда минтип бай аны,
Көргөндөр ыйлап аяды.
Жүзүнө жигит кыйноонун
Жүрөгү менен карады.

Өмүрдүн кубүп күмүшүн
Урса да сабап күнү-түн.
Өзөккө бекем сактады,
Өлбөймүн деген үмүтүн.

Кадырлап жайлоо жергени,
Канча күн канат сермеди.
Тумчугуп бирок, ак булак
Лаззатын элге бербеди...

Ачылып булак жер кени,
Айылды кубаныч термеди.
Ичи тар, бирок, Ажыбай,
Ичкенге ыраа көрбөдү.
Уютку болоор ак булак
Узатты далай термени...

Канча күн, канча түн өтүп,
Капка айлын байлар жүдөтүп.
Ак Булак жашоо, өмүрүн,
Алган жок, бирок, түгөтүп.



Булактын көзүн тазалап,
Элге деп арнап азалап.
Урматтоо тургай Бекенди
Тепкиге алган жазалап.

Бай болуп эзел жарбаган,
Байлыкты туудай кармаган.
Булакты туюк шагылга
Бурдуруп салды кайрадан.

Ажыбай канкор баягы
Булакты элден аяды.
Шагылда жатты шылдырап,
Уланбай анын аягы.

Адалды алга сүрөөчү,
Алтындай булак бул өзү.
Адамдар эмес билсеңер
Аяган аны Күн өзү.

Ах, чиркин балдай ширеси,
Адамдын болуп тирөөчү.
Жарадар болсо булакка
Кийиктер келип түнөөчү.

Мүрөкпү чиркин ал деген,
Дарыбы аккан кан менен.
Аксаган буту соо болуп
Айыгып кетчү кайберен.

Оргуштап турса ал улам,
Ак көптер кетпей жанынан.
Ичкенде дайым эс алчу,
Канаты анын талыган.

Жылалбай жандан түңүлүп,
Түшөөрдө өмүр күбүлүп.

Ууртаса аны ар бир жан,
Дароо эле кетчү жүгүрүп.

Кайберен кийик канчалар,
Булакка дайым барчу алар.
Таранчу ага чачтарын,
Карагай, кайың арчалар.

Балапан сымак үшүгөн
Бозомук тартып бүтүн өң
Антсе да булак ар күнү
Айрылып жатчу күчүнөн.

Ак тоодон төмөн шашылып,
Аккысы келчү ашыгып.
Ажыбай байды каргачу
Койгонун ойлоп жашырып.

Туйлайын десе таш турат
Туюкка батып Ак Булак.
Эркиндик келсе дей берчү,
Мөлт этип көздөн жаш кулап...

Тагдырга ыйлап, өкүнүп,
Чыгалбай сыртка чечилип.
Ажыбай жапкан капкакта,
Канча жыл жатты бекилип...

Караандай күчтү карагын,
Калпысы ошол замандын.
Ак Булак өксөп ыйлачу,
Адамдын эңсеп караанын.

Кайберен келсе азыраак,
Кайгысы анын басылат.
Жылдыздар күтө берүүчү...
«Ак Булак качан атылат»...



Ичинен каргап заманды,
Жан-дүйнө болуп караңгы.
Ак Булак жатты агалбай,
Адамды эңсеп, адамды...

III

Күндөрдүн көрүп таттуусун,
Учуруп көккө бак кушун.
Муңканып жаткан Ак Булак,
Лениnden алды бактысын.

Жаңырып тоодон «Ибарат»
Жайнады көркөм имарат.
Түтүктөп, кооз чоргодон
Бууланып күмүш суу агат.

Булактын бүттү арманы,
Баякы күндөр калды ары.
Ачылып көзү бүтөлгөн,
Адамга тийди жардамы.

Карегин жашка сугарып,
Канчанын өңү кубарып.
Ажыбай ээлеп канча жыл,
Азаптуу басса мунарык,
Ак Булак азыр эрк алып
Атылды күүсүн чыгарып...

Атылган булак эмесе,
Алп тоого күчүн теңешe.
Жаралуу жанга дем болуп
Жароодо азыр керекке.

Анда ук, булак, казалды,
Айланаң бүгүн жасанды.

Абалтан сени күтүшкөн,
Айлың да кооз жашарды.
Ак Булак атың өзгөрүп
Арашан булак аталды.

Булактан татса ар адам,
Булакка жетип самаган.
Элине берип кубаныч,
Элинде ишке жараган.

Оорулуу адам алыстан,
Булакка нээт тамызган.
Муңканып келсе, кетээрде
Айыгат дарттан жабышкан.

Сокурга булак көз болду,
Сонундар... курбум, сөз болду.
Алыстан келсе тосту шат,
Ар улут, ар кыл досторду...

Өлбөскө балбан күч болду,
Өмүргө аппак сүт болду.
Чокудан күлүп жылдыздар,
Чолпондой жарык кут конду.

Ваннасы, ысык баткагы,
Бах чиркиң күндөй аптабы.
Өчөшкөн оору жалп этип,
Өмүр таң болду атканы.

Каскагын тигип илгери,
Калкына каар тилдери,—
Ажыбай сени кордосо,
Алоолоп отуң күйбөдү.
Оо, анда булак армандуу,
Кереги элге тийбеди.



Оргуштап акпай жылгадан,
Опосуз дүйнө кыйнаган.
Армандуу кезге туш болуп
Ак булак далай ыйлаган.
Оозуна мөлтүр ыр келип,
Ошондо минтип ырдаган:

«Буулду тилим муңайым,
Булутка батып Күн, Айым,
Шар агып көзүм ачылбай,
Шалдайтты мени кудайым.
Атылып чыгаар булакмын
Аттырып анткор ылайын.
Арманым ичке жашырып,
Аңгыча бир аз тынайын.

Жаркытып нурун келер Күн
Жалбырак жытын төгөр Күн.
Жанаша басса курбулар,
Жагымдуу жылдыз булак деп
Жаз кызын жандап өбөр Күн.

Жыбырап турна көздөрүм,
Жайылып кумар сөздөрүм.
Жибек жел соккон жээгимден,
Жөнөтүп бакыт көчтөрүн.
Шар агып, мөңкүп турармын,
Жомоктоп өмүр өткөнүн...»

Буурул түн болуп көздөрү,
Буулугуп жаткан кездеги.
Ишке ашты мына дал бүгүн
Булактын тилек сөздөрү.

## IV

Өзгөртүп өткөн тарыхты,
Октябрь берип жарыкты.
Ак халат кийген врачтар,
Булакты сактап калышты.

Өтсө да айлар кулап миң
Көзүндө анын турат муң.
Кез-кезде зээнди кейитет,
Кечээги кези булактын...

Шагылга жаны жутулуп,
Кайгыга өмүр утулуп.
Ажыбай мерес жок болуп
Турганда андан кутулуп,
Бул булак ыйык экен деп
Молдолор ээлейт кутуруп...

Кереги тийип эченге,
Шар агып эркин кетээрде,
Кул болот кайра Ак Булак
Куу сакал молдо, эшенге.

Өмүрүн анын кыйып көп,
Бул булак өтө ыйык деп.
Ар кимге сатып дары деп,
Акча алат элден жыйып көп.

Кой берген жанды ичирип,
Ат берген жанды түшүрүп.
Эл сүйгөн аппак булактын,
Эшенге кетет күчү бүт.

Эшендин көзүн май басат,
Эшигин толо мал басат.
Төрөйт деп ичсе төрөбөс,
Булакты сатып алдашат.



Ушинтип кайгы жармашат,
Ай учуп, жылга алмашат.
Төрөбөй ичсе булакты
Төрөбөс аял каргашат.

Тагдырдан минтип адашып,
Турганда булак жан ачып.
Октябрь тийет жарыгы,
Булакка дагы таң атып.

Эшендер кетип жоголот,
Булактын иши оңолот.
Дал ушул күндөн тартып ал
Таалайга бүтүн оронот.

Керемет дары баткагы,
Пай-пай эй бутка тартканы,—
Айыгып илдет оорудан,
Ажал да кетип тооруган,
Өмүр таң болду атканы.

Жүзүнөн сылап нечени,
Жүгүрттү баспас бечелди.
Кубантып ууртап койгонду,
Кууп чыкты ичтен кеселди.

Ондоду оору карыпты,
Өмүргө берип жарыкты.
Жанынан эчак түңүлгөн
Жабыккан жандар айыкты.

Чуркады ооруп баспаган,
Басылды сөөк какшаган.
Ичкенде кайра жанданды,
Илдетке баткан аш казан...

## МАЗМУНУ

### ЫРЛАР


Боз үй . . . . . 4
Булак ыры . . . . . 5
Балдарыма . . . . . 5
Чабандар жөнүндө . . . . . 6
Агам жөнүндө эскерүү . . . . . 7
Ысык-Көл — жазым менин . . . . . 7
Чок-Тал мектебинин окуучуларына . . . . . 8
Жазгым келет черимди . . . . . 9
Кар жукпаган . . . . . 9
Гүлдөр көрсөм . . . . . 10
Жакшы адам болсо жанында . . . . . 11
Буурул жорго . . . . . 11
Кыргыз элим — дастаным . . . . . 12
Адамдар бүгүн . . . . . 13
Революциянын шумкары . . . . . 14
Эмгекте жерим гүлдөсүн . . . . . 15
Достук менен . . . . . 16
Жашоо күндөр . . . . . 17
Күн нурга — тынчтыкка умтулуу . . . . . 18
Тилек . . . . . 19
Закымдар арасында . . . . . 19
Каным — дыйкан . . . . . 20
Бүгүн сен чоң энесиң . . . . . 22





Өмүр жөнүндө ой . . . . . 23
Жаз айым . . . . . 24
Табийгат-кыялкеч . . . . . 24
Унутпа . . . . . 25
Билдим курбум . . . . . 26
Жан азыгым — жашыл токоюм . . . . . 27
Чындыкты гана көздөгөм . . . . . 27
Жаштык жөнүндө . . . . . 28
Сен өмүрдүн сүйүүсү . . . . . 28
Түнкү элестер . . . . . 29
Кымбат белең . . . . . 29
Бүркүттөр . . . . . 30
Мактай бер . . . . . 31
Онунчу палатам . . . . . 31
Ойлоном . . . . . 32
Көңүл ыргактары . . . . . 33
Жакшы ырым — учар канатым . . . . . 34
Чырпык . . . . . 35
Бийиктиктеги ак мөңгү . . . . . 36
Муса таңшыйт! . . . . . 36
Тешик канал . . . . . 37
Жылкы айдасам... . . . . . 38
Өмүрдөгү издер . . . . . 39
Көпүрөлөр жүрөктөгү, ойдогу . . . . . 40
Мезгил учат . . . . . 40
Жашырып жаздын дарагы . . . . . 41
Аймончок . . . . . 42
Жаштыгыма . . . . . 43
Ай, апаке! Өчпөс сүйүүм, бак күнүм, . . . . . 43
Сырлар айтам . . . . . 43
Сезимде жанган улуу күч . . . . . 44
Самадым . . . . . 45
Айнура — алтын кызым, көпөлөгүм . . . . . 46
Жылдыздуу далай дайра акты, . . . . . 47

| | |
|---|---|
| Элесиң турат дагы эле | |
| Сегиз саптар | 48 |
| Мен да сезем | 49 |
| Кош бол, сүйүүм! | 53 |
| Эки жаш | 53 |
| Кайдасың жаным | 54 |
| Билсең боло | 57 |
| Эстеймин | 56 |
| Жазгы таңым | 57 |
| Күтөм сени | 58 |
| Бир сүрөт | 59 |
| Бирге болсоң жанымда | 60 |
| Өзүңдөн кубат алып | 60 |
| Чымчыкейлелр | 61 |
| Коркунучтар жөнүндө ыр | |
| Чылымчынын арманы | 62 |
| Тууганыма | 63 |
| Оозу күйдү | 64 |
| Беш өрдөгүн учуруп | 65 |
| Эки жүздүүнүн «өнөрү» | 65 |
| Мончонун арманы | 66 |
| Китепкананын монологу | 66 |
| | 67 |


ПОЭМАЛАР


| | |
|---|---|
| Эки жоокердин монологу | 71 |
| Биринчи жоокер: | 74 |
| Экинчи жоокер: | 74 |
| Биринчи жоокер: | 79 |
| Экинчи жоокер: | 82 |
| Биринчи жоокер: | 83 |
| Экинчи жоокер: | 88 |
| Биринчи жоокер: | 90 |
| Экинчи жоокер: | 93 |
| Биринчи жоокер: | 94 |
| Экинчи жоокер: | 96 |





| | |
|---|---|
| | 97 |
| Биринчи жоокер: | 97 |
| Экинчи жоокер: | 98 |
| Биринчи жоокер: | 99 |
| Экинчи жоокер: | 100 |
| Эпилог ордуна | 101 |
| Арашан-Булак | |

*Исаков Исабек*

ПЕСНИ ГОР

*Стихи и поэмы*

**(На киргизском языке)**

**Издательство «Кыргызстан»**

Редактору *Б. Аракеев*
Рецензенти *Н. Жаркынбаев*
Сүрөтчүсү *Т. Коомбаев*
Көркөм редактору *С. Ямгирчиев*
Тех. редактору *С. Чотиев*
Корректору *Ш. Саадатова*

ИБ № 3374

Теруүгө 9. 07. 87. берилди. Басууга 22. 10. 87. кол коюлду.
Д—07101. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арип, жөнөкөй ык-
ма менен басылды. Форматы $70 \times 90^1/_{32}$. 3,75 физ. басма табак,
4,39 шарттуу басма табак, 4,919 учеттук басма табак. 4,536
боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 241. Баасы 50 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери
боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы
атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

50 т.